АНАШ АБАКИРОВ

# Унутулгус күндөр

КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК БАСМАСЫ
ФРУНЗЕ · 1962

Ар бир адамдын өмүрүндө унутулгус окуялар, дайыма эсте калуучу күндөр болот эмеспи. Аны кайсы жерде жүрсөң да көз алдыңа элестетесиң, жыйын үстүндө жомок катары айтасың. Менин турмушумда да ошондой окуялардын бири болду.

ВЛКСМдын делегациясынын составында Вьетнам Демократиялык Республикасына бардык.

Вьетнамда биз жыйырма бир күн болдук. Вьетнамдык жана кытайлык достор менен аңгемелешүү, ар күнкү жолугушуулар, таанышуудан кийинки пайда болгон ойлор — бир сөз менен айтканда, Вьетнам Демократиялык Республикасында биз өз көзүбүз менен көргөндөрдүн бардыгы социализмдин жолуна бекем кадам шилтеген өлкө жана анын эмгекти сүйгөн эң сонун жөнөкөй адамдары жөнүндө ушул китепчени жазууга мени шыктандырды.

# Жолдо



Ноябрь айынын экинчи жарымы. Кыш. Күн чыкыроон суук. «Ту-104» самолёту Москванын аба дарбазасы Внуководон учуп чыгып, алыскы Пекинди көздөй жол тартты. Самолёттун ичи жүргүнчүлөргө жык толгон. Биз алтообуз. Калгандардын бардыгы Германиянын Демократиялык Республикасынын армиялык ыр жана бий ансамблинин катышуучулары. Алар Кытайга гастролго бара жатышат.

Ар ким жанында олтурган коңшусу менен сүйлөшүп, айрымдары газета-журнал окуу менен алек. Биздин ар бирибиздин кубанычыбыз койнубузга батпайт. Көз алдыбызга өз Родинабыздын кеңири келечеги элестеп, коммунизмдин улуу курулуштарын жараткандардын катарында алп урушуп бара жаткандай сезебиз. Аба лайнеринин учуп бара жаткан ылдамдыгы кандай болсо, биздин да адымдаган кадамыбыз ошондой тез шилтелгендей көрүнөт!

Новосибирскиден өтүп, Иркутскиге бет алганда:

— Карачы, мына ушул жерлер жаратылыштагы түрүн өзгөртүп, үч уктаса түшкө кирбеген кооз шаарлар, кубаттуу өнөр жай ишканалары пайда болууда. Ал ишканалар-

дын чыгарган продукцияларынын бардыгы биздин элдин керектөөлөрүнө жумшалып, азыркы турмушубуз мындан да жакшырып, кандай сонун жыргалчылыкта жашайбыз,— деди Агубе Кучиев — комсомолдун Түндүк-Осетин обкомунун биринчи секретары. Бул жерлердин эзелтен бери ачылбаган сырларын ачууну жети жылдык планда көрсөткөн, айрыкча өлкөбүздүн ушул Чыгыш тарабына көп көңүл буруу белгиленген. Ал эми, Союздук Республикалардын келечегичи! Жети жылдан кийин бир тууган республикалардын өсүш деңгээлине кол жеткис болот, анткени, алардын ар биринин экономикасы, маданияты ушунчалык өсөт... Бул өсүү Кара-Кумда уктап жаткан кезинде, билгизбей туруп адамды Москвага алып келип, анан ойготуп коё бергенде аң-таң калгандай окуя,— деп узатты өзүнүн сөзүн Агубе.

— Өңгөсүн коё туралы, Совет бийлиги орногондон берки мезгилдин ичинде капиталдык салымдарга канча акча жумшалса, ушул жети жылдын ичинде ошого барабар акча эл чарбасын өнүктүрүүгө жумшалаарын гана айтсак жетишерлик болор. Бул өзү укмуш да, мындай перспективалар, элдин жыргалчылыгын, өлкөнүн байлыгын арттыруу үчүн түзүлгөн гиганттык мүмкүнчүлүктөр социалисттик системага гана таандык эмеспи,— деди Татьяна Овчаренко — комсомолдун Одесса обкомунун секретары. Ал да биз менен бара жатат.

Ошентип жети жылдык план жөнүндө пикир алмашканыбызча, самолёт Иркутск аэродромуна келип конду. Иркутск Москвадан да суук экен, самолёттон чыгып аэропортко жеткенче ызгаардуу шамал бетибизди тызылдатып жиберди. Аэровокзалдын залдарында эл көп. Түштүк чыгыштагы мамлекеттерге баруучулардын көпчүлүгү ушул Иркутск аркылуу өтөт.

Мына, биз кайрадан самолётко олтуруп, сегиз миң метр бийиктикте, сегиз жүз элүү чакырым ылдамдык менен учуп бара жатабыз. Самолёттун ичиндеги температура 20° жы-

луу, ал эми сыртта болсо —45° суук. Терезеден көз жүгүртүп, алды жагынды карасаң тоолуу жерлердин токойлору бадалдардай эле көрүнөт, кокту-колоңу, айдың жерлер ак кар жамынган. Аңгыча Байкал көлүнүн чети көрүндү. — Байкал, Байкал дегиче «ТУ-104» көлдүн наркы четине чыга берди. Ошентип атактуу Байкал да артта калды. Иркутскиден биз Пекинге тез эле барып калдык. Мына техниканын күчү! Мурдагы убак болсо бул жолду нечен айлап басып түгөтө албайт элең. Азыр болсо «көз ачып-жумгуча» жетип келдик. Ушундай кооз, туруктуу жана желден тез учкан лайнерди жараткан советтик илим менен техникага, авиаконструкторлорго кантип ыраазы болбойсуң.

Самолёт Пекиндин аэропортуна конгондо ал жерде күн кеч кирейин деп калган мезгил эле. Бул жактан кийип барган пальто, тумактарыбызды чечип салып, костюмчан самолёттон чыктык. Анткени, Пекин жылуу экен. Кытайлык достор тосуп чыгышыптыр, биз траптан жерге түшө бергенде эски тааныштардай кучакташып, кош колдоп учурашып, көрүшүп жаттык. Ал жерден жеңил машиналарга олтуруп, Пекин шаарын көздөй жөнөдүк. Кытайлык достор менен бирге бизди СССРдин Кытайдагы посольствосунун комсомол уюмунун секретары жана «Комсомольская правда» газетасынын кабарчысы да тосуп келишиптир. Пекинге чейин 40 минута жол жүрдүк. Шаарга кире бергенибизде каш карайып, көчөлөргө электр шамы жагылды. Калаанын көчөлөрүн бир аз кыдырып, андан кийин «Пекин» атындагы мейманканадан орун алдык.

Биз мейманканага жайланышкандан кийин, кытайлык достор кечки тамак ичүүгө чакырышты. Оокат ичип олтурган убагыбызда Кытай комсомолунун Борбордук Комитетинин секретары жолдош Лю Си-юан: Үч-төрт күн мейман болуп, шаар, жакын жерлердеги кооперативдер менен таанышып кетиңиздер — деп бизге сунуш кылды. Азыр мүмкүнчүлүгүбүз жок экендигин, Вьетнамдан кайра келе

жатканыбызда бир аз күн Пекинде болууга макулдугубузду билдиргенде, кытайлык достордун бирөө:

— Эртең күн бүркөлүп, жамгыр жаап, сиздер уча турган самолёт бир-эки күн учпай калгысы бардыр, антпесе, бизге жакшылап мейман болбостон эле кетип баратасыздар, — деп тамашалады.

Бирок, анын чын пейили менен Пекинде биздин калышыбызды каалап айткандары ордунан чыкпай калды. Эртең менен күн ачык болду. Биз эрте — саат алтыда эки моторлуу самолёт менен Ханойду көздөй учуп жөнөдүк. Ал жакка Вьетнамдын эмгекчил жаштар союзунун Борбордук Комитетинин чакыруусу менен бара жатабыз. Самолётто биздин делегациядан башка дагы эки киши бар. Булар румындык достор экен, алар менен Ухань шаарына барганда таанышып калдык, анткени — алардын бирөө бул жерде тамак ичип олтурганыбызда мага кайрылып, орус тилинде:

— Тамак ташып берип жүргөн кызга: чыныга күрүч салып келип бер деп айтыңызчы — деди, калыбы мени кытай тилин билет деп ойлоду окшойт. Колум менен жаңсап, эптеп официанткага түшүндүрдүм эле, кыз жүгүргөн бойдон барып, тигинин суроосун аткарды. Кытайда сууга бышырган күрүчтү ресторандарда кострюлга салып коёт экен. Ким канча кааласа ошончо чыныга салып алып башка тамакка аралаштырып жей берет.

Аңгыча самолётко түшүүнү сунуш кылышты. Кетээрибизде официантка кыздын төшүнө значок тактык.

— Сесе![1] — деди кыз. Биз менен кошо учуу аянтына чыгып, самолёт көтөрүлгөнгө чейин колун булгалап узатты.

Кечке жуук кытайдык чек арада турган Наньнин шаарынын аэропортуна самолёт конду. Аэропорт асфальтталган эмес, бирок жери стадиондун футбол ойноочу аянтын-

[1] Сесе — кытайча рахмат деген сөз.

дай тептегиз, көпкөк чөп менен төшөлгөн. Асманда тыйындай да булут жок. Самолёттон чыга калганыбызда адегенде күндөн көзүбүз уяла түштү. Кечке жакындаганы менен күн ысык, үп болуп турат, жайкы чилденин эле өзү. Бул жерден Ханойго чейин бир жарым сааттык гана жол калган, бирок Наньнинге коно турган болдук.

Кытайлык достор мейманкана үйүнө алып барышты. Эки кишиден бир номерден орун алдык. Бөлмөлөрдүн жер таманы асфальт, ысыкта салкын болот деген ой менен жасашса керек.

Жуунуп, кийинип алып шаар менен таанышканы чыктык. Бизди интуристтин эки кызматкери ээрчитип, тааныштырып жүрүшөт. Алардын бирөө — Гао-Шао-чуй орусча тил билет. Аны бардыгыбыз ортобузга алып алып, айткандарына кулак салабыз. Экинчиси — Ван-Гой-уень англичанча тил билет. Муну менен биздин делегациянын мүчөсү, ВЛКСМ БКнын жооптуу кызматкери Юрий Матвеевич Шкирятов гана бир жүрөт. Анткени Юрий Матвеевич англия тилин анча-мынча билет экен.

Калаада үч жүз миң адам жашайт. Тар көчөлөр менен өтүп, айрым бульварларын жана аянттарын көрдүк. Андан Юнтань дарыясынын жээгине бардык. Дарыя шаардын борборунан анча алыс эмес жерден агып өтөт. Сууда балдар сүзүп, айрымдары кайык минип жүрүшөт. Дарыянын биз турган жээгинде тропикалык ар түрдүү дарактар тигилген. Аларды аралап эс алып жүргөн адамдар көп. Көчө менен бара жатканыбызда эле алды-артыбыздан мектеп окуучулары, кичине балдар ээрчип алышкан. Алар кайдандыр Советтер Союзунан келгенибизди билип алышыптыр. Мойтоңдогон колдору менен блокнотторун сунуп, орусча бир-эки ооз сөз жазып, автограф калтырууну сурашат. Дарыянын жээгинде турганда жарым саатча жалаң ошол жаш балдар үчүн «иштедик». Келечекте өз өлкөсүнүн татыктуу куруучуларынан болуусун каалап жазып

бергениңде, колуңду бекем кысып, ар бири тили келсе да, келбесе да орусча рахмат айтышат. Кээ бирлери «спасибонун» ордуна «шдравствуйте» деп да жиберет. Бирок бир ооз сөз болсо да бизге түшүнүктүү улуу орус элинин тилинде айткандарына өздөрү да аябай кубанып калышат.

Караңгы кирип, шаардын көчөлөрүнө электр шамы күйгөндө биз ал жерден кайра тартып, жата турган жерибизди көздөй жөнөдүк. Мейманканага чейин бизди баягы балдар, окуучулар узатып келишти. Алар менен коштошуп, эс алууга даярдандык. Жатканда терезелерди ачып коюп, шейшеп гана жамындык. Көчөлөрдөгү кыймыл токтоп, шаардагылар терең уйкуга батты. Ал тынчтыкты ар кайсы жерден чыккан саратандын чыйылдаган үндөрү гана бузгансыйт. Түнкүсүн соккон тропикалык шамал беттен сылап, өзү менен кошо жыпар жыттарды ала келип, адамды мемиреген уйкуга тартат...

Эртең менен Ханойду көздөй учуп жөнөдүк. Самолёт тоонун үстү менен учуп бара жатат. Жарым саатча өткөндөн кийин стюардесса биз Кытайдын чегинен өтүп, Вьетнамдын территориясынын үстүндө бара жатканыбызды билдирди. Вьетнамдын сулуу пейзажына таңыркап караганча, самолёт Кызыл дарыясынын дельтасынын айланасындагы чоң мейкиндикке чыга берди. Ээн, бош жаткан жер көрүнбөйт, бардыгы эле шалы аянттары. Кээ бир жерден гана алардын арасынан кичинекей аралчалар көрүнүп коёт, алар кыштактар. Адегенде шалы аянттары бизге учу-кыйрына көз жетпеген деңиздей көрүндү, бүт эле суу.

— Сел жүрүп, суу каптап кеткен го — деди Татьяна.

— Жок, ал суулар шалы аянттары — деп түшүндүрдү стюардесса.

Аңгыча Ханой да көрүнүп калды. Самолёт канаттарын күнгө чагылтып, шаардын үстүнөн бир айланды да, аэропортко конду. Биз штурмандарга, стюардессага чоң рахмат айтып, кол кармашып коштошуп, эшикке чыга баштадык...

# Ханойдо



Жерге түшөөрүбүз менен эле бизди колдоруна гүл тестелерин кармаган кыздар курчап калды. Ар бирибизге экиүч тестеден гүл туура келди. Ондогон вьетнамдык достор кол кармашып, кучакташып учурашты. Аэропорттун вокзалынын залында бир аз токтодук. Бул жерде эки катар коюлган узун стол, стулдар. Аны тегеректей бизди тосуп чыккан вьетнамдык досторго аралаша олтурдук. Вьетнамдык жолдоштор адегенде мага эң эле жаш, өспүрүм балдардай көрүндү. Алар биздин саламаттыгыбыз жөнүндө сурашып, олтурууну сунуш кылып, чай менен меймандай баштады.

Тосуп чыккандардын арасында жаштар менен студенттердин Москвада өткөн Бүткүл дүйнөлүк VI фестивалына катышкандар да бар экен. Алардын бардыгы Саша Губерди — биздин тилмечти тегеректеп калышты, көрсө аны менен мурда эле Москвадан таанышышкан экен.

Жолдош Нгуен Лам — Вьетнамдын эмгекчил жаштар Союзунун (СТМВ) Борбордук Комитетинин биринчи сек-

ретары ал жерде олтургандар менен тааныштыргандан кийин, машиналарга түшүп, Ханойду көздөй жөнөдүк. Вьетнам шоферу машинаны асфальтталган тар жол менен эң сонун айдап бара жатат. Ханойго карай кеткен жолдо Кызыл дарыясынан өттүк. Биздин машиналар узундугу үч километрге жакын көпүрөнүн сол жак тарабы менен акырын бара жатат. Дарыянын жээктеринде кант тростниктери (аларды биринчи жолу көрүшүм), бийиктиги үч-төрт метр келет. Талааларда помидор, бадыраң, капуста, банан, пальма ж. б.

Мынакей, Ханойго да кирип келдик! Көчөлөр адамдарга толгон. Велосипедчендер өтө көп. Биз тарых музейинин, театрдын жанынан өтүп, биздин делегация үчүн атайын дайындалган эки кабат үйгө келдик. Бир аз тыныккандан кийин биринчи кабаттагы бөлмөнүн биринде чогулдук да, жапыз жасалган тегерек столчону айлана олтурдук. Столдун үстүндө гүл, термоско куюлган чай, чынылар турат. Чан Чонг Куат—СТМВнын Борбордук Комитетинин бюро мүчөсү ВЛКСМдын делегациясынын Вьетнамда болуу планын биз менен бирге талкуулады. Биз кайсы жерлерде болуп, кимдер менен жолугушуубуз керек экендигин айтып, мунун баарына бир ай убакыт керек деди. «Адегендеги планыбыз бир айдан да көбүрөөк убакытка чектелди эле,— деп ал өзүнүн сөзүн улантты,— бирок кайра талкуулап чыгып, жана да сиздерди көп иштер күтүп тургандыгын эске алып, анткени, сиздердин өлкөнүн бардык эмгекчилери КПССтин XXI съездин тосуп алууга даярданып жатышпайбы, биз аны бир айга чейин кыскартууну туура таптык».

Биздин делегациянын жетекчиси Александр Никифорович Аксенов — ВЛКСМ БКнын секретары жылуу тосуп алышкандарына рахмат айтып, сунуш кылган пландын долбоорун толук кубаттоо менен айрым шарттарга байланыштуу ал планды дагы 15 күнгө кыскартууну сура-

ды. Вьетнамдык жолдоштор биздин себептерибизди кунт коюп угуп, дагы тогуз күнгө кыскартууга макул болушту. Мына ошентип, биз «Түштүк» өлкөсүндө 21 күн болушубуз керек.

Түштөн кийин Ханой шаары менен таанышууга жөнөдүк. Намбо көчөсү менен бара жатабыз. Велосипедчендер аң көп. Велосипед — Вьетнамдагы транспорттун эң эле көп таркаган тармагы. Кээде бир велосипедде бир үй-бүлө бүт түшүп келе жатканын көрүп калабыз. Рикшалар жүргүнчүлөрдү жана жүктөрдү ташып, тынбайт. Көчө ар кандай үндөргө, күлкүгө... толгон. Бул көчөнүн боюна темир жол вокзалы жайгашкан. Андан ары өткөндөн кийин Ван-Мию храмына бардык. Ал бир нече короого бөлүнгөн. Храм Вьетнамдын классикалык искусствосунун символу катары сакталып турат. Храмдын айланасында таштан жасалган ташбакалардын үстүндө (ташбака вьетнамдыктардын эски түшүнүгү боюнча — узак жашоонун, өлбөстүктүн символу) сексен төрт жалпак таш орнотулган. Алардын беттерине адабияттык айтыштарда, илимий жогорку даража үчүн өткөргөн конкурстук экзамендерде жеңип чыккандардын аттары жазылган. Мындай иштер храм салынган XIV кылымдан тартып Вьетнамды Франция басып алганга чейин жүргүзүлгөн.

Бул жерде үч жыл бою конкурстар, айтыштар өткөрүлүүчү. Жеңип чыккандар бийик мунарага чыгуучу. Мунара — кафедралык милдетти аткаруучу. Ал жерден окумуштуулар, адабиятчылар бамбуктан жасалган түтүк аркылуу сөз сүйлөп, ыр окуп, суроолорго жооп берүүчү. Ошол жерди «Маданияттын жылдызы» деп аташкан. Бул жерге аялдарга келүүгө руксат эмес болучу.

Андан кийинки короого кирдик. Анда үч там. Алардын биринде азыр окуу залы жайгашкан. Аялдар, эркектер газета, журнал жана китеп окуп олтурушат. Храмдын баалуу буюмдарынын бардыгын француздар талап кеткен.

Ай сайын бул залда Вьетнамдын адабияты жана маданияты жөнүндө доклад, лекция окулуп турат.

Экинчи бир чоң бөлмөдө сүрөт көргөзмөсү жайгашкан. Ал француздук колонизаторлордун зомбулуктары жөнүндө баяндайт. Мынабу чоң сүрөттө Вьетнамдын саясий ишмерлерин колонизаторлордун кыйнаганы көрсөтүлгөн. Экинчи сүрөттө адамдын башын алуучу станок тартылган. Үчүнчүсүндө башы бегемоттун башынын түспөлүндөй болгон вьетнамдык адам. Чачын, чекесин, кашын жана көздөрүн ажыратып билүүгө болот, ал эми оозу менен мурду кайсы экенин билүү кыйын, анткени аябай шишип, былжыраган жара болуп кеткен. Анын жанында: француздар шарап ичип, карта ойноп, каткырып турушат, буттарынын жанында алар атып өлтүргөн вьетнамдыктар жатат. Андан ары сүрөт көргөзмөсү французддарды япондуктар алмаштырганы жөнүндө баяндайт. Бирок анда да вьетнамдыктардын турмушу өзгөрүлгөн жок. Катуу ачкачылык болуп, андан эки миллиондон ашык адамдар өлүшкөн.

Андан кийинки бөлүмү Вьетнамдагы боштондук үчүн жүргүзүлгөн кыймылга арналган. Индо-Кытайдын коммунисттик партиясы чет өлкөлүк басып алуучуларды куул чыгуу милдетин коёт. Начар куралданган партизандар менен өздүк коргонуу отряддары япондуктардан курал тартып алуу үчүн күрөшүшөт. 1945-жылы 19-августта Вьетнамда жалпы куралдуу кыймыл башталды. Бул убакка чейин Индо-Кытайдагы япондуктардын күчү алсырай берди. Ушул шарт вьетнамдык боштондукка чыгаруучу армияга күрөштү жеңиштүү жүргүзүүгө жана бийликти өз колуна алууга мүмкүндүк берди. Мына бул сүрөттө: 1945-жылы экинчи сентябрда Ханой шаарынын Ба Динг аянтында, борбордун жарым миллион адамдарынын катышуусу менен өкмөт башчысы Хо Ши Мин Вьетнам Демократиялык Республикасы түзүлгөндүгүн жарыялап жатат. Жолдош Хо Ши Мин: «Француздар качты, япондуктар багынды.

Император Бао Дай тактыдан түштү. Биздин эл жүз жылга жакын көргөн кордугунан кутулуп, акыры, Вьетнамды көз каранды эмес өлкөгө айлантты», деген тарыхый декларацияны элге жарыялайт.

Шаар менен таанышууну улантуудабыз. Хо Тэй көлүнүн жээгинен вьетнамдык жолдоштор бизге Да деген даракты көрсөтүштү. Бул бакка окшогон өзүнчө бир кызык дарак. Анын бутактарынан ичке тамырлар салаңдап турат, алар жерге жеткенде өсүп, кайрадан дарактын өзөгүн түзөт. Ошентип бир даракта бир нече өзөк пайда болуп, алардын арасында кичине-кичине ачык калат. Бизге кичинекей катерге түшүп, көлдү айланып чыгууга сунуш кылышты. Катер саатына 15 чакырым ылдамдыкта бара жатат. Артыбызда анча чоң эмес толкун калып, кээде андан секирген балыктар көрүнөт...

Бир аз көл үстүндө жүрүп, жээкке чыгып, шаардын борборун көздөй жөнөдүк. Жолдо келе жатканыбызда көчөлөрдө соода жүрүп жатканын көрдүк. Көрсө Ханойдо отуз эки соода көчөлөрү бар экен. Алар: чыт, булгаары, чемодан, шайы, мандарин жана башка делип, кайсы көчөдө кандай буюм сатылса, ошонун аамы менен аталат.

«Кылычты кайра берген» көлдүн жанына келдик. Көл Кызыл дарыясынын мурдагы нугунда пайда болгон. Көлдүн суусу таза, көгүлтүр көрүнөт.

Элдик уламанын айтуусуна караганда: илгери-илгери Ле Лой деген балыкчы болуптур. Ал өз өмүрүнүн ичинде балык эмес, чабак да кармай алган эмес экен. Бир күнү ал тор салып көлдөн тартып алса, анын ичинде сыйкырдуу кылыч болор имиш. Ле Лой кылычты кудай ага белек кылып берди деп ойлойт. Аскер топтоп, элдик көтөрүлүшкө баш болуп, башка жерден келген басып алуучуларга каршы күрөш жүргүзөт. Кылычын оңго шилтесе оң жагындагы, солго шилтесе сол жагындагы көз жеткен жерге чейинки душмандын колунун башын алат. Ошентип ал душман-

ларды Вьетнам жеринен кууп чыгат. Андан кийин балыкчы Вьетнамдын императору болуп калат. Ле Тай То деген атка конот. Бир күнү балыкчы-император көлгө келип, эң сонун белек бергени үчүн ага ракмат айткысы келет. Күтпөгөн жерден балыкчы-императордун кайыгынын жанына ташбака сүзүп келет. Аны кылыч менен чаап өлтүрөйүн дегенде ташбака императордун колунан кылычын жулуп алып, тил кирип, адамча сүйлөйт.

— Мен кылычты вьетнам элине душмандар кол салганга чейин сактаймын. Биздин өлкөгө коркунучтук туулса аны кайра беремин — деп, көлдүн түбүнө чөгүп кетет.

Балыкчынын урматы үчүн көлдүн үстүнө будда пагодасы[1] курулат. Жээктен ага чейин кичине көпүрө салынган. Көлдүн ортосундагы кичинекей аралчада таштан салынган кооз храм турат. Согуш жылдары партизандар анын үстүнө кызыл желек илип коюшуп, храмды тегерете миналап коюшат. Французлар минадан коркушуп, ага бара алышпай, желекти жээктен туруп мылтык менен атышкан. Бирок желек ок тешкен бойдон храмдын үстүндө тура берген.

Биз көргөн курулуштардын бардыгы Вьетнам элинин байыркы устаттары калтырган эң сонун эстеликтер. Пагодалардын архитектурасынан Вьетнамдын улуу кошунасы — Кытайдын байыркы архитектурасынын таасири тийгендиги сезилет.

Ханой мурдагы анык колониалдык-сооданын шаары. Өткөн жүз жылдыктын акыры ченинен тартып Ханой «европалык» жана «жергиликтүү» деп экиге бөлүнгөн. Европалык бөлүгүндөгү жакшынакай кылып таштардан тизип жасалган кең көчөлөрдүн боюнда кооз салынган үйлөр, меймалканалар, бай дүкөндөр, гараждар... биринин артынан бири пайда боло берди. Көлөкөлүү парктар, татынакай скверлер курулду. Ал эми жергиликтүү калк жашаган

[1] Пагода — будда динидегилердин сыйына турган үйү.

бөлүгүндө — ийри-буйру тар көчөлөр, ылай менен майлаган, үстүн күрүчтүн бакалы менен жапкан жаман тамдар. Бул жерде вьетнамдыктар — «кулдар» жашашкан. Алар эртеден кечке чейин колонизаторлор үчүн белдерин ийишкен.

Ханойдо кырк миң киши жалаң соодагерлик менен оокат кылышкан. Шаардын калкынын тең жарымы пайдалуу эмгек иштешпеген. Жетимиш миңден ашыгы сабатсыз болгон.

Элдик бийликти орноткондон кийин Вьетнамдын борборундагы калктын сабатсыздыгы толугу менен жоюлду. 1955-жылдагы маалымат боюнча Ханойдо, шаарга жакын жердегилерди эсепке алганда, 400 миң адам жашайт. Шаардын мурдагы «европалык» жана «жергиликтүү» бөлүктөрүнүн айырмасы жоюлууда .

Ханой шаары — Вьетнам жаштарына билим берүүнүн борбору. Шаардын башталгыч жана орто мектептеринде 65 миң бала окуйт, жогорку окуу жайларындагы студенттердин саны беш миң. Он эки миң уландар менен кыздар атайын окуу жайларынан окушат. Биз барган жылы билимди жогорулатуу жана сабатсыздыкты жоюу кружокторунан отуз миң адам окуп жатышкан. Бул кружокторго мугалимдер, студенттер, жогорку класстын окуучулары жетекчилик кылышат.

Вьетнамдын борбор шаары өндүрүш ишканалары менен да сыймыктанат. Алардын эң көрүнүктүүсү Вьетнамдын туңгуч заводу — Ханойдогу механикалык завод. Заводду биздин өлкөнүн жардамы менен үч жылдын ичинде куруп бүткөн. 1958-жылы пайдаланууга берилген. Тарыхта биринчи жолу Вьетнамдын маркасы менен ар түрлүү станоктор чыгарыла баштады. Заводдо үч жүздөн ашык жаштар иштешет. Айрым цехтерде иштегендердин 40—50 проценти жаш жумушчулар. Алардын арасында продукцияны көп жана сапаттуу чыгаруу үчүн мелдеш уюштурулган. Жу-

мушчулар жакшынакай, жаңы салынган турак үйлөрдө жашашат. Балдар бакчасы, медициналык пункту, ашкана, клуб — бардыгы жумушчулар үчүн.

Бизге заводду көрсөтүштү. Жумушчулар менен көп сүйлөштүк. Алардын бардыгы тең өздөрүнүн заводу менен сыймыктанышат.— Биздин заводго меймандар келбей калган күн жок — дешти алар. Мында бир туугaн социалисттик өлкөлөрдөн достор, ар кайсы провинциялардан дыйкандар, башка завод менен фабрикалардын жумушчулары, студенттер, окуучулар, пионерлер, аскерлер, партиялык жана башка кызматкерлер келишет. Биз ага кубанабыз.

— Биздин завод ар кандай станокторду гана чыгарбастан, Вьетнам Демократиялык Республикасынын өнөр жайлары үчүн келечектеги кадрларды даярдаган эң биринчи ишкана болуп эсептелет,— деди заводдук жаштар уюмунун секретары Бао Сень.

Ооба, Ханойдо жаңы кадрлар даярдалып жатат. Алар жаңы турмушту куруучулар, өз өлкөсүнүн ээлери, биздин достор.

# Тарыхтын барактарынан



Биз барган күндүн эртеси — 23-ноябрь күнү Вьетнамдын эмгекчил жаштар Союзунун Борбордук Комитетинин бюросу биз менен жолугушту. Бул жолугушууда жолдош Нгуен Лам өлкөнүн жаштар Союзунун тарыхы менен бир аз тааныштырып өттү.

Вьетнам Индо-Кытай жарым аралынын чыгыш тарабынан орун алган. Территориясы 328 миң квадраттык километрге жакын. Анда жашаган адамдардын жалпы саны 23 миллион. Тоолуу райондорунда таи, мео, ман, лао, кха жана башка деген аз улуттуу элдер жашашат. Мына ошентип Вьетнам көп улуттуу мамлекет. Бирок, алар нечен кылымдардан бери бир туугандай болуп, ынтымактуу, эркин турмушта жашай алышкан эмес. Вьетнам эли дайыма ээлүүнүн үстүндө болуп, «ичкени ирим, жегени желим» болгон.

1945-жылы жолдош Хо Ши Мин Вьетнамды көз каранды эмес мамлекет деп жарыялаганда эмгекчилер аябай сүйүнүп, жаңы турмушка карай биринчи кадамдарды шилтей башташты. Вьетнам эли көкүрөгүн кеңири керип дем

алып, жаңыдан эле боорун көтөрөйүн дегенде, башкача айтканда, Вьетнам Демократиялык Республикасынын жаралганына бир ай да боло электе ага империалисттер кол салышты. Эл өз Родинасынын эркиндигин коргоого жапырт көтөрүлдү. Бул көтөрүлүш душмандарга каршылык көрсөтүү согушуна айланды. Империалисттерди өз жеринен кууп чыгыш үчүн вьетнамдык патриоттор канын да, жанын да аяшкан жок.

1954-жылы Вьетнам жерине көптөн бери күтүлгөн тынчтык келди. Женева келишими Вьетнам элине каршы француялык-америкалык колонизаторлор тарабынан башталган көп жылга созулган кан төгүлгөн согушка тыюу салды.

Женева келишиминин негизинде өлкө убактылуу демаркациялык линия аркылуу экиге бөлүнгөн. Бул линия 17-параллелдин кичине түштүгүрөөк жагынан чыгыштан батышты карай Бен-Хай дарыясын жээктеп, Лаостун чек арасына чейин барат. Улуттук биригүүнү 1956-жылдын июль айында жалпы, эркин шайлоо жолу менен өткөрүү белгиленген. Бирок, Түштүк Вьетнамдын жетекчилери АКШнын колдоосу менен бул шайлоонун өткөрүлүшүнө көз көрүнөө жолтоолук кылды. Колонизаторлор биринчи күндөн тартып эле өлкөнү кылымдар бою экиге бөлүп таштоо багытын тутушту. Жаңы, социалисттик жолго өткөн Түндүк Вьетнамдын өкмөтүнүн өлкөнү бириктирүүгө багытталган бардык аракеттерин, адилеттүү сунуштарын кабыл албай, четке кагып турушту.

Америкалык империалисттер Түштүк Вьетнамды чындыгында өзүнүн колониясына айлантып алды. Аны тынчтыкты сүйүүчү Түштүк Чыгыш Азия өлкөлөрүнө каршы, биринчи кезекте социализмди куруп жаткан Вьетнам Демократиялык Республикасына каршы согуштук агрессиянын плацдармы кылды. Өлкөнүн бүткүл турмушуна америкалык согуштук жана башка советниктер контролдук жүргүзөт. Түштүк Вьетнамга деңиз жана аба жолдору ар-



ВЛКСМдын делегациясы жолдош ХО Ши Минде.



ВЛКСМдин делегациясынын атынан жолдош Хо Ши Минге белек тапшырылып жаткан учур.




Татьяна Овчаренко жолдош Хо Ши Минге ВЛКСМдын значогун тагып жатат.




Жолдош Аксенов Вьет Бактын жаштарына ВЛКСМдын делегациясынын атынан белек берип жатат.

Вьет Бак автономиялуу зонасынын жаштарынын өкүлдөрү менен болгон жолугушууда Аксенов сөз сүйлөп жатат.



кылуу азыркы кездеги америкалык куралдар менен согуштук техникалар тынымсыз жеткирилүүдө. Вьетнамдын бул бөлүгүндө кырктан ашык согуш-деңиз жана авиациялык база курулду жана кеңитилди.

Өлкөнү милитаризациялоо жана америкалык монополиялардын үстөмдүк кылуусу Түштүк Вьетнамдын экономикасын мурда болуп көрбөгөн кыйынчылыктарга дуушар кылды. Айыл чарба продуктыларын өндүрүп чыгаруу дээрлик жарымына чейин кыскарды. Өнөр жайынын каучук, кант өндүрүү тармактары негизинен иштебегенге эсе. Миңге жакын ата мекендик чоң жана кичине ишканалар бүлгүнгө учурады.

Түштүк вьетнамдык патриоттор америкалыктар орноткон тартипке наразылыгын билдирип, аны жакшыртууну, элдин талабына ылайык өзгөртүүнү талап кылганда, аларга каршы репрессия жана террорду колдонушту. Вьетнам эли 1958-жылы декабрь айында Фулай концентрациялык лагериндс болгон окуяны кантип унутат. Бул жерде саясий күнөө коюлуп камалган миңден ашуун вьетнамдын патриотторун америкалык советниктердин буйругу менен уу берип өлтүрүшкөн. Бул кабар басма сөздөр, радио аркылуу тараганда бүт дүйнөнүн прогрессивдүү адамдары желдеттерге каргыш айтып, алардын жүзү каралык ниетинин бетин ачып аябай ашкерелеци, ак тилектеги адамдардын ою вьетнамдын эмгекчилеринин тарабында экендигин билдиришти. Америкалык колониалисттер үчүн айыл-кыштактарды, айдалган аянттарды өрттөп жиберүү, тынч жаткан күнөөсүз адамдарды жазыксыз, тергөөсүз эле түрмөгө камоо же атууга буюруу жөнөкөй чаралар катары.

Он жетинчи параллелдин түштүгүндөгү вьетнамдыктардын ал-жайын толугураак көрсөтүү үчүн Түштүк Вьетнамда жашаган айлдын Женева келишимдерине кол коюлгандан кийин тынчтыкты калыбына келтирүү мезгилинде кайрадан топтоонун натыйжасында Түндүк Вьетнамда калган

күйөөсүнө жазган катын мисалга келтирели. Ал катта мындай дейт:

«Ардагым!

Сенин Түндүк Вьетнамга жөнөп кеткен күнүңдөн бери алты жыл өттү, мен сени чыдамсыздык менен күткөн элем, бирок сенден эч кабар келбеди. Айрым учурда: а, сен мени таптакыр унуткан экенсиң! — деген ойлор менен үмүтүм үзүлүп, көңүлүм чөктү. Бирок, жакында эле мен, мындан бир жыл мурда салып жиберген катыңды алдым. Аны көкүрөгүмө кысканда, менин таңыркашым, менин бактытаалайым кандай болду дейсиң, көз жашымды көлдөткөнүмдү айтпа. Мен баламды өпкүлөп, өпкө-өпкөмө батпай өксүдүм. Бул катты түбөлүккө катып коюуну каалар элем, бирок бул мүмкүн эмес эле, ошондо мен ал катты өрттөп салууга аргасыз болдум. От жалындап, сенин катың, сенин укмуштуу сөздөрүң күйүп жатканын көргөнүмдө мен башымдан ажырагандай, азыр эле эстеликке берген, мага абдан *кымбат болгон буюмду жоготуп жибергендей* сездим. Сенин ар бир сөзүң мен үчүн күндүн шооласы эле, ал мени жылытып, менин жанымды көшүлтүп турган.

Бүгүн, жаз күндөрүндө, мен бул саптарды сага жаздым. О, кымбаттуум! Башымдан өткөндөрдүн баарын сага кантип айтып берем? Көптөгөн өзгөрүүлөр, кайгы-муң, кубанычтар болду. Кемсинткен адамгерсиздик мени нече жолу курчады дейсиң! Мунун баары үмүт үзүлүп, жашоо ушунчалык көңүлсүз көрүнгөндө, сен эсимден кетпей, кубанычка бөлөнгөндө болгон. Коюндаш күндөрдү кантип унутайын? Оор мезгилде жаралган биздин сүйүүнү кантип эсимден чыгарайын? Сенин наристеңдин жүзүнө караганда, сен жөнүндө кыялга термелгемин, ошондо жөнөп кетериңдин алдында кулагыма «унутпаймын, жаным» — деп шыбыраган үнүңдү дагы эле угуп тургансыйм. Сен үйдөн кеткенден кийин, ичтеги күйүттү жууп таштоо үчүн жумушка алаксыдым. Укол сайганды, аялдарды төрөтүүнү үйрөндүм,

өз билимимди жогорулатуу үчүн окудум. Мындан бөлөк, менин көңүлүмдү ачкан биздин наристебиз болду, ал үйдүн эрмеги эле...

Биздин балабыз тез чоңоюуда. Ал анча сулуу эмес, бирок да анын чоктой жайнаган көзүндө акыл-эстүүлүк көрүнүп турат. Ал көп сыркоолойт. Ошондуктан мен аны мектепке жибербедим. Ал: «атам эмне үчүн жок жана ал качан келет?» — деп менден көп сурайт. Ага эмне деп жооп береримди билбейм. «Эмне үчүн?» деп такып суроо анын адаты болуп калды. Чоң атасы, таятасы, таянеси, чоң энеси аны жакшы көрүшөт. Качан уулуңду кучактап, чачынан сылап, маңдайынан сүйөсүң? Качан келесиң?

Катым аябай узарып кетти, дагы эле бир топ ойлорду айткым келет. Бирок сага алардын баарын бу кагазга кантип жазып жибереримди билбей турам. Ошентип, мен биздин өлкө тезинен бириктирилсе экен, бул туткунга алуулар, ажырашып кетүүлөр, киши өлтүрүүлөр тезинен токтотулса экен деп, көптөн-көп тилеймин. Сенин келе турган, көздөрүңдү көрө турган, колдоруңду кармай турган күндү чыдамсыздык менен күтөм, сен кеткенден берки баштан өткөргөн азап-тозокторду баарын төкпөй-чачпай айтып берет элем. Жөнөп кетериңдин алдында: «Родина менен сүйүү үчүн өз жүрөгүңдү кылдаттык жана чечкиндүүлүк менен сакта»,— деген сөзүңдү түбөлүккө эсимде сактаймын.

Ушул каттын сенин колуңа тийүүсүн чын жүрөгүм менен каалаймын. Менин катымды — сага, сенин катыңды — мага жеткирген кишиге терең алкыш айтам.

Кат менен кошо сүрөтүбүздү салып жибердим. Сен биздин уул кандай чоңойгонун көрөсүң. Ошону менен бирге менин улгая түшкөнүмдү байкайсың, бирок менин сүйүүм өзгөрүлбөйт. Мен ушул алыс жерде сени түбөлүккө күтөм. Эгерде биз бири-бирибизди түбөлүккө сүйүшкөн болсок, убакыттын анча мааниси жок.

Жаагы желаргы менен бирге мен сага, Түндүк Вьетнамга жакшы ийгиликтерге каалоолорумду жиберемин.

Сак-саламатта, кубанычта жана прогрессте болушуңду каалаймын. Сени ар дайым эстен чыгарбай жана назик сүйүүмдү жүрөктө сактайм.

*Сенин Б. Н.»*

Вьетнамдын түштүгүндө ушул аялдай өз жарларын күткөндөр, төрөлгөнү атасынын өңүн көрбөгөн, аталап мойнуна минип алып, эркелегенди билбеген балдар аз эмес. Анын баарына колониалисттер күнөөлүү. Вьетнамдын биригүүсүнө империалисттер жолтоолук кылышууда. Биз империалисттерге мындай деп айтабыз:

— Тарт колуңарды Вьетнамдан! Түштүк Вьетнамдан кеткиле! Аялдарды тирүүлөй жесир, балдарды тирүүлөй жетим кылбагыла! Өз тагдырын чечүү үчүн эркти вьетнам элинин өз колуна бергиле!

1945-жылдагы август революциясына чейин Вьетнам абдан артта калган, агрардык өлкө болучу. Бардык дүң продукциянын 70 проценти айыл жана токой чарбасынан алынган. Кыштактарда феодалдык калдыктар үстөмдүк кылган. Элдин 5 процентин гана түзгөн колонизаторлор менен вьетнамдык помещиктер айдоого жараган жерлердин 70 процентине ээ болушкан. Калган 30 процентин, элдин токсондон ашык процентин түзгөн дыйкандар пайдаланышчу.

Кээ бир пайдалуу кендерди казып чыгаруучу жана сырьёну алгачкы иштетүүчү өнөр жайы гана бар болучу. Колонизаторлор Вьетнамдын оор өнөр жайын өнүктүрүүнү ойлошкон да эмес. Он беш жылга жакын жүргүзүлгөн согуш өлкөнүн экономикасын ого бетер төмөндөттү.

Согуш токтотулуп, тынчтык орнотулаары менен Вьетнамдын түндүгүндө Вьетнамдын эмгекчилер партиясынын

жетекчилиги астында, жаштарынан тартып аксакал карыларына чейин, өлкөнүн экономикасын калыбына келтирүү жана чыңдоого киришишти. Согуш жылдарында талкаланган өнер жайларынын, темир жана шоссе жолдорунун көпчүлүгү кайра калыбына келтирилди. Агрардык реформаны өткөрүү айыл чарбасын өнүктүрүүгө чоң мүмкүнчүлүк берди. Республиканын эл чарбачылыгын өстүрүүнүн үч жылдык (1958—1960) планы кабыл алынды. Аны жүзөгө ашырууда Вьетнам жаштарынын кошкон салымы аз эмес.

ДРВнын жаштарынын авангарды болуп Вьетнамдын эмгекчил жаштар Союзу эсептелет. Союздун түзүлүшү Вьетнамдын эмгекчилер партиясынын революциялык ишмердиги менен тыгыз байланышкан. 1930-жылга чейин, Индо-Кытайда Коммунисттик партия уюштурула электе, жаштар кыймылы патриоттук мүнөздө болгон. Ал жакта компартия түзүлгөндөн кийин бул кыймылга партия жетекчилик кылат. Колонизаторлор жаштарды партиядан ажыратып алыш үчүн, коммунисттик жаштардын кыймылын талкалоо максатында колдорунан келген бардык аракеттерин жасашты. 1936—1937-жылдарда жаштардын кыймылы жаңы ийгиликтерге аз болот.

Дүйнөлүк экинчи согуштун башталаарынын алдында Французлар террорду күчөтүшөт, жаштар кыймылынын катышуучулары подпольеге кетишип, чет өлкөлүк басып алуучуларга каршы күрөштү уланта беришет.

1940-жылы япондуктар Индо-Кытайды басып алганда компартия чет өлкөлүк басып алуучуларды куун чыгуу үчүн күрөш жүргүзөт. 1941-жылдын жаз айларында Кытай менен чеги аралаш Вьетнамдын Түндүк райондорунда Вьетнамдын көз каранды эместиги үчүн Демократтык фронт — Вьет-Мин пайда болду. Бул фронт коммунисттик партиянын демилгеси жана жетекчилиги астында түзүлдү. Демократтык фронтко компартия, профсоюз, дыйкандар, аялдар жана башка уюмдар менен бирге өз өлкөсүнүн көз

каранды эместиги үчүн күрөшүүгө дайым даяр экендигин билдирген жаштар уюму да кирди. Ал кезде жаштар уюму «Родинаны куткаруу Союзу» деп аталуучу.

Каршылык көрсөтүү согуш жылдарында вьетнамдык уландар менен кыздар патриоттук көп иштерди иштешти. Армиянын катарына бир миллион эки жүз миң жаштар жиберилди. Бузулган жолдорду оңдоого бир жүз алтымыш миң уландар менен кыздар катышышты. Булардын ичинен кырк миңи Элдик армияга дайыма ок-дары, курал-жарак жана продукты жеткирип турушту. Партизан отрядынын сексен проценти жаштардан болгон. Каршылык көрсөтүү согуш жылдарында көрсөткөн баатырдыктары жана эрдиктери үчүн эмгекчил жаштар Союзунун 5.139 мүчөсү өкмөттүк сыйлыктарга татыктуу болушту.

Өлкө эркиндикке чыккандан кийин колдоруна кармаган куралдарын таштап, басып алуучулар бүлдүргөн чарбаларды кайра калыбына келтирүү ишине өткөн күндөн тартып Вьетнамдын жаштары ар бир ишке мурдагысынан да кайраткерлик, активдүүлүк менен катыша башташты. Жаңы турмуштун жолуна өтүүдө анын ар бир кирпичи канчалык ылдам коюлса ал турмуш ошончолук ылдам оңолуп, өлкөнүн экономикасы чыңдала бererине жаштар түшүнүшкөн. Мына эмнеликтен жалаң гана темир жол линияларын кайра калыбына келтирүү жумуштарында иштегендердин жетимиш проценти жаштар эле. Уландар менен кыздар үнөм үчүн жүрүшкө чыгышып, эмгек тартибин бузгандарга каршы күрөштү жайылтышты. Аларды окутуп, адистикке үйрөтүш керек эле.

— Биз бул милдеттерди аткарууда жалгыз болгонубуз жок, бир тууган социалисттик өлкөлөр айрыкча жумушчу жаш кадрларды даярдоого көп жардам беришти жана берип жатышат,—деди Нгуен Лам.

Айыл чарбасында иштеген жаштардын негизги максаты шалынын түшүмдүүлүгүн жогорулатуу болгон. Бул иш-

те жер семирткичтерге биринчи роль таандык эле, анткени, Вьетнамдын жерлери басып алуучулар тарабынан мурда бет келди пайдаланылып, анын кыртышын жакшыртууну эч ким ойлогон эмес. Жаштар жер семирткичтерди жыйноого жүрүшкө чыгышып, ар бир гектар айдоо аянтына отуз тоннадан органикалык семирткичтерди төгүшкөн. Менимче бул иште пайдаланылбаган мүмкүнчүлүктөр калган эмес. Ханой шаарынын чет жакасынан жана башка жерлерден окуучу балдар бак-дарактарды бутап, аны силостоп жатканын көрдүк. Адегенде, таң калып:

— Муну эмне үчүн силостоп жатасыңар? — деп сурадык.

— Чиригенден кийин жерди семиртүүгө пайдаланабыз. Жаңы турмушту курууга кол кабыш кылып, кичинекей болсо да, алыбыз жеткен жумуштарды аткарууну чечкенбиз, — деп кара тору, арык чырай окуучу кыздын бизге кайтарган жообу ойдон кетпейт.

— Жапырт кириштик эле, жаман болгон жок. Үстүбүздөгү жылы шалынын ар бир гектарынан план боюнча көрсөтүлгөн 18 центнердин ордуна, 28 центнерден түшүм алдык. Түшүмдүн жогору болушуна тиги балдар чогултуп жүргөн бутактар да таасирин тийгизди, — деп Нгуен Лам бизди карап жылмая күлгөнү али эсимде турат.

Жаңы турмушту курууга катышууда Вьетнамдын жаштары даңгыраган чоң жол менен токтоосуз жүргөнү жок. Алар бул жолду басып өтүүдө туш келген айрым кыйынчылыктарды жеңип, эскинин калдыктары менен күрөшүп жатышат. Мурда колу жетиштүү адамдар, алардын уул, кыздары аз иштеп, мамлекеттен көп алууну талап кылышкан. Кээ бирлери ФЗО мектебине баруудан — «Жумушчулардын жадегенде велосипеди да жок» деген болбогон сөздү айтышып, качышкан. Айрым жаштар: «Биз эркин турмушка жеттик, жумуш кылуунун кереги жок, иштеген уят болот» — дешип, пайдалуу эмгектен четтөөгө аракет-

тенишкен. Жер шыпыруу, көчөлөрдү тазалоо үчүн жекшембиликтерге чыгышканда шыпыргыларын, күрөктөрүн кагазга орошуп, эч ким көрбөсө экен дешкен.

Мындай «кылык-жоруктарды» жаңы турмуштун маанисине түшүнбөгөн, аны курууга каршылык көрсөтүү үчүн аракеттенгендер чыгарышкан. Окуучуларды мектептин ичитышын тазалоого катыштырганда «балдарыбыздын кийми чаң болот, жумуш иштетпегиле, болбосо кийимдерин өздөрүңөр жууп бергиле» деп мугалимдерге талап коюшкан.

Жаңы турмуштун маанисин түшүндүрүү жана аны курууга бардык жаштарды активдүү катыштыруу үчүн жаштар союзу уландар менен кыздардын арасында тарбия иштерин кеңири жайылтып, эски идеологияга каршы күрөштү катуу жүргүзүүдө. Алардын бул күрөшү өзүнүн жемиштерин берип жатат. Жаштарды жаңыга үндөп, аларды алдыга карай ээрчитип бара жаткан — Вьетнамдын эмгекчил жаштар союзу. Бул союздун мүчөлөрү 1956-жылы өздөрүнүн съездинде жаштар уюмун Вьетнамдын эмгекчил жаштар союзу деп атоого чечим кабыл алышкан. Күндөн күнгө союздун авторитети жогорулап, анын катарына мүчөлүккө кабыл алууну сурап, арыз берген жаштардын саны көбөйүүдө.

# Чан Тхи Ли



Кан дагы эле чыга элекпи? Андай эмес, ныктап бас, кош буттап үстүнө, так курсагына секир, салмактуураак болот, анан насос менен суу тарттырып чыгаргандай, оргуштап оозунан кан кете баштайт.

— Бул, кандай кудай урган кыз эле, канчалык кыйналса да, бир ооз сөз айтып койбойт. Мыктысынган немении эне сүтүн оозуна татыталы,— деди желдеттердин бири.

— Кана, кандай кылганда эне сүтүнүн даамын татат, акылыңды тез айтчы, баятадан бери сабап жатып аябай чарчадым, акпаган жеримен тер акты,— деди көк беде жеп курсагы көпкөн торпоктой болгон экинчи желдет.

— Мына мындай кыйнаш керек!

Желдеттер Чан Тхи Линин башын ылдый каратып асып коюп, темир таякча менен сабашты. Тарамыштарын зымга илип коюп, ысык аттиш менен кыздын денесинен этин жулганда, бир жеринен кан агып, экинчи жери кыпкызыл болуп ысытылган аттиш тийгенде шыркырап күйүп, эриген майы жерге таамп жатты. Жан алгычтардын мындай кыйноосуна кандай адам чыдайт?! Ли эрдин кесе тиштеп, ту-

ра берди. Ага ачуусу келген жёлдеттер аз убакыт өтпөй эле кыйноонун дагы бир эң жаман түрүн табышты. Алар кыздын денесин жана эмчегин электрдин тогу менен күйгүзө баштады.

Кан агып, алсыраган кыз электрдин тогу тийгенде калтыратма болгон адамдай титиреп, көздөрү бозорду. Алсырап жатып көз алдына бүт вьетнам элинин желбиреген кызыл тууларды көтөрүп, Түндүк менен Түштүк Вьетнамдын кошулган күнүнө арналган салтанаттуу майрамдын демонстрациясынан өтүп жатканын элестетти. Ли да алардын катарына кошулуп, «Жашасын эркүү, бириккен вьетнам эли!» деп ураалап кыйкыра бергенде, эмчегине тийгизген зымдан электрдин тогу анын денесин дагы катуу калтырата баштады. Кичине эсин жыйып, көзүн ача бергенде эки желдет анын көзүнө чалдыга түштү.—Жок, мен өлбөймүн, дагы жашаймын, кандай кыйнасаңар да чыдаймын,— деп кайраттанды.

Чан Тхи Ли өзүн өлүмгө кыйбады. Кандай айла болсо да жашоого умтулду. Анткени ага жөн гана өмүр эмес, карыган энесинин, кичинекей сиңдилеринин, жердештеринин жана өз элинин бактылуу, эркиндик турмушта жашоолору үчүн күрөш жүргүзүүнүн өмүрү керек эле.

* * *

Биз Москвадан кете электе эле Вьетнам кызы Чан Тхи Ли жөнүндө кабар укканбыз. Бирок анын баатырлык иштеринин толук кабарын билген эмеспиз.

...Чан Тхи Ли он үч жашында, 1945-жылы Родинаны куткаруу жаштар союзуна мүчө болуп кирет. Кичинекей кезинен тартып ал француздук колонизаторлорго каршы жүргүзүлгөн кыймылга катыша баштайт. Вьетнам Демократиялык Республикасынын чек арасында орношкон анын туулган кыштагын — Дьен-Хонгду 1948-жылы колониза-

торлор басып алган кезде Ли партизандарга ар кандай маалыматтарды билүүгө жардам берип, кызмат кылат.

Колонизаторлор элди талап, болгон оокаттарын тартып алып жатышкан мезгилде, өтөнчө 1952-жылы анын кыштагынын калкы кыйын ачарчылыкка учурайт. Эл чөп жана жүгөрүнүн паясын жеп оокат кылат. Мышыктай аңдып жүргөн француздук колонизаторлор Чан Тхи Ли жаштар союзунун мүчөсү, партизанка экенин билип калышып, аны камакка алышат. Үч күнү тамак бербей, жыпжылаңач бойдон күнгө тургузуп коюшат. Кечинде жугунду төккөн аңга таштащат.

Күндөрдүн биринде Чан Тхи Лини храмга алып келишет, ал жерде эл эң көп болучу. Ага чейин эки күнү эч кандай тамак, жадегенде, суу да беришкен эмес. Элдин көзүнчө Лини партия, жаштар союзу жана партизандар жөнүндө билгендериңди айтып берсең, суу беребиз деп кыйнашат. Бирок, патриоткадан бир да ооз сөз чыкпайт. Мына ошондо француздук колонизаторлор чакадагы сууну жерге төгүп жиберишип, топурак аралашкан ылайланган сууну соруугa мажбур кылышат. Бул кыйноолорунан да эч нерсе чыкпайт. Ли эч унчукпайт. Мындай зөөкүрчүлүктү көргөн эл кыжырланганын билдирип Лини боштондукка чыгарууну талап кылат. Элдин кысымына чыдабай колонизаторлор кызды үйүнө жиберүүгө аргасыз болушат.

Начарланган саламаттыгын бир аз калыбына келтиргенче бир канча ай өтөт. Ден соолугу кичине дурус болгон кезде Ли кайрадан ишке кирише баштайт. Аны колонизаторлордун зомбулук иштери коркута алган жок. Айылдык чогулушта Чан Тхи Лини жаштар союзунун аткаруу комитетинин мүчөсү кылып шайлашат. Кийинчерээк Вьетнамда жарашуу келишими түзүлүп, родинасы экиге бөлүнгөн кезде ал өлкөсүнүн биримдүү болушу үчүн күрөшкөндөрдүн катарына кошулат. Ли Түндүк жана Түштүк Вьетнамдын ортосунда сүйлөшүүлөрдүн жүргүзүлүшүн та-

лап кылгандардын кол коюуларын чогултат. Бул элдин колу коюлган талапты *Бириккен Улуттардын Уюмунун* Вьетнамда жарашуу иштерин байкоо жана контролдоо боюнча эл аралык контролдоо комиссиясынын өкүлдөрүнө тапшырат. Бул убак 1955-жылдын жай мезгили эле.

Мына ушул иштери үчүн Чан Тхи Ли кайрадан камакка алынат.

...Ли талаа жумушунан үйүнө кайтып келе жаткан. Полиция кызды кармап алып, үч айга тюрьмага салып коёт. Элдин нааразылыгы, талабы жана петициясы Линн боштондукка чыгарууга желдеттерди мажбур кылат. Бирок бир нече күндөн кийин кайра камакка алышат. Алар Чан Тхи Линн аябай уруп суракка алып, андан «Түндүк коммунисттердин агентимин» деп мойнуна алышын талап кылышат...

1956-жылдын март айында кыз үчүнчү жолу камалат. Бул жолу полицейлер Сайгондон тажрыйбалуу эки желдетти атайын чакыртып келип, аларга «кызды эч иш аткара албай, оорудан айыкпай жүрүп, кыйналып өлгөндөй кылып ургула» — деп тапшырышат. Чан Тхи Линн камаган Хой Ан тюрьмасынын камераларында негизинен колонизаторлорго каршылык көрсөткөн кыймылдын мурдагы катышуучулары камалган. Аларды уруп, кыйнап, өлгөнгө чейин сабашкан. Тюрьмада аялдардын жана балдардын онтогону басылбай, кыйноодон өлгөндөрдүн сөөгү көмүлбөй жаткан учур да көп болгон. Бир күнү Чан Тхи Лиге адамдардын тизмесин көрсөтүп, андан алардын бардыгын коммунисттер деп айтууну талап кылышат.

Бирок кыз такыр унчукпайт. Мына ошондо жанакы желдеттер жугундуга кир жууган самындуу сууну аралаштырып, аны Лиге ичиришип, жогоруда айтылгандай кылып чалкасынан жаткырып, ичин буттары менен тепсеп кыйнашат. Кыздын оозунан кара кочкул кан кетет...

Линин кан тамыры араң эле согуп, тилден калганда,

эми адам болбойт деп, кызды туугандарына жеткирип салышат. Бирок, аны полицейлик күзөтчү дайыма тышынан кайтарып жүрөт. Кыздын үйүнө эч кимди кийиришпейт. Лилер коңшуларынын жардамы менен эптеп-септеп күн көрүп турушат. Коңшулары түнкүсүн тамак-аш жеткиришип, кээде тыйын-тыпыр да берип турушат.

Линин деп соолугу күндөн-күнгө начарлай берет. Анын денесинин салмагы төмөндөп отуруп, 56 килограммдан 28 килограммга түшөт. Кыздын өмүрү анын жолдошторун, жердештерин тынчсыздандырат. Алар ыгын таап туруп Чан Тхи Лини Вьетнам Демократиялык Республикасына жеткиришет. Азыр эр жүрөк кыз жалаң гана медсестра, врачтардын камкордугуна курчалбастан, бүт коомчулуктун, элинин камкордугуна бөлөнгөн.

— Мындан үч ай мурда, адеп Ханойго госпиталга алып келген кезде,— деди кызды дарылоочу вьетнамдык врач,— кыз эң абдан оор абалда эле: денесиндеги 40 жаратынан кан токтобой, жүрөгү начар согуп, өлүм коркунучунун алдында турган. Азыр денесинен кандын чыкканы басылып, жараттары айыгып, бүткөн боюна жаңы тери пайда болуп келе жатат. Күндүр-түндүр дарылап, кан куйгандан кийин кичине жакшы боло баштады. Салмагы беш килограммга көбөйдү. Бардык аракетибиз — кызды кандай гана болбосун айыктырыш.

Кызды көрүп чыгыш үчүн бизге беш минута гана убакыт беришти. Аппак халаттарды жамынып, Ли жаткан палатага кирип барганыбызда, чалкасынан жаткан экен, бизди көрө коюп обдулуп, өйдө болгусу келип, бизди карап күлүмсүрөдү. Бирок жаткан жеринен кыймылдоого руксат этken жокпуэ...

— Советтик жаштар дүйнөдөгү прогрессивдүү бардык жаштардай эле, сенин кайраттуулугуңа, баатырдык иштериңе кубанат. Сенин эрдик ишиң, сенин образың жаштарга ар убакта өрнөк. Сенин тез айыгып, курбуларыңдын ка-

тарына кошулуп, эл үчүн жүргүзгөн адилеттүү ишиңдин салтанат курушун каалайбыз. Сенин айыга турганыңа, максатыңа жете турганыңа биз ишенебиз. Анткени, сен жалгыз эмессиң, сага тилектештер өз жериңде да, бүткүл дүйнөдө да көп. Адилеттүү иш ар убакта жеңет,— дедик биз.

Кыздын көздөрү жылдыздай жымыңдап, анын көрүнүшү дагы кайраттуурак боло түштү. Биз Чан Тхи Лиге Зоя Космодемьянскаянын сүрөтүн жана кыргыздын улуттук костюмун советтик жаштардын атынан тапшырдык. Зоянын сүрөтүнүн сыртында: «Чан Тхи Ли — сен да менин кызымсың» — деп, Зоянын апасы жазган жазуу бар болучу. Зоянын сүрөтүн көргөндө Ли бизди жалт карап алды да: — Мени желдеттер кыйнаган күндөрдө Зоянын образы дайыма көз алдымда турчу...— деп айтты. Мына ошол кезде, врач Лини көп сүйлөтүүгө болбойт, азырынча эрте дегендей белги берди. Биз кыз менен коштошуп, эшикке чыктык.

— Аябаган катаал, ырайымсыз азаптарды тартып, адам көрбөй турган кыйноолорду көргөн бул кичинекей кара тору кыздын күчүн карачы! Ал кыйноолор Линин жылдыздай көздөрүнүн курчун өчүрө албаптыр. Бул, бактылуу келечек үчүн күрөштүн күчү эмеспи! Ал күчтү душмандар эч убакта жеңе албайт. Родинасынын биримдүү болушу үчүн Линин жүргүзгөн күрөшү жана умтулуусу — бул бардык Вьетнам элинин иши. Эл өз алдына кайсы гана максатты койбосун, аны аткарат. Чан Тхи Линин родинасы — Вьетнам экиге бөлүнбөй, бирдиктүү болгон күн да келет.

# Хонгай жана Хайфон



25 ноябрь күнү план боюнча биз Хонгай шаарына бармакпыз. Эртең менен эрте туруп, күндүн мурду көрүнө электе жеңил машиналарга түшүп жөнөдүк. Шаар, айыл-кыштак — бардыгы кызуу иштин үстүндө. Анткени, вьетнамдыктар эрте турушат да, эртең мененки жана кечки салкында жумуш иштешет. Ал эми түшкү ысыкта эс алышат. Келгенден бери Ханойдо болгондуктан айыл-кыштактарды, алардын чарбачылыгын көрө элекпиз. Биз бара жаткан жолдун бойлорунда көпчүлүк жерлерде шалы эгилген. Шалы эгилген чөнөктөр боз чаңгыл сууга мелтилдейт. Байкабаган адам Кызыл дарыясы ташкындап, чын эле сел жүрүп келе жатат деп ойлошу да мүмкүн. Кээде, көз жеткен жерлерге чейин айыл-кыштак көрүнбөй калган учурда, бир гана Түндүк тараптагы Вьет-Бак тоолору сууга чөмүлбөй, анын беттериндеги жыш чыккан чытырман токой «мага ташкындаган суу да жетпейт» дегенсийт.

Шалбаалар түгөнгүс. Күрүч — Вьетнамда айыл чарбачылыгынын негизи. Ал жердеги достор жылына күрүчтөн эки жолу түшүм алышат.

Биздин машиналар улам алдыга карай умтулуп, арышын арттырууда. Кез-кезде жүргүнчүлөрдү тартып келе жаткан автобустар кездешет. Төрт жерден бизди паром менен өткөрүштү. Дарыяларга көпүрө салынган эмес. Вьетнамда көпүрө куруучулар үчүн көп иштер бар. Биринчи үч паромду кичинекей катерлер сүйрөп өткөрдү, ал эми эң акыркысында катер жок экен. Паромчу болуп колдоруна бамбук бакан кармаган, жылаңайлак жигиттер иштешет. Дарыянын үстүнөн зымдан жасалган жоон аркан тартылган. Ал аркан салдын үстүнө орнотулган тээкчеден өтөт. Кеңки саптын түспөлүндөй болгон жыгач илгичтер менен зымды илип тартканда сал илгери көздөй жай жылат. Кокус ордунан жылдырууга колдун күчү жетпей калса, бамбук бакандарды жээк жакка карата жерге сайып түрткөндө ал ордунан козголуп илгери карай акырын жыла баштайт. Эгерде өйүздү карабасаң сал бир гана орунда тургандай сезилет. Качан гана кумдак таштуу жээкке сал урунганда өйүзгө өткөндүгүңү сезесиң. Паромчуларга ыракмат айтып, колдорун кысканча шофёрлор стартёрду басып, машиналардын мотору иштей баштады. Биз дагы илгери карай жөнөдүк.

Бир аз жүргөндөн кийин жол адырлуу тоонун арасы менен өтө баштады. Бирде кырга чыга калабыз, бирде коктуну көздөй жүрөбүз. Мына, бир булуңдан чыгып, экинчисине жакындап калдык, андан өткөндөн кийин да бурулуш, жана бурулуш, дагы бурулуш... Машиналар кырга чыга бергенде биздин бет алдыбыздан өзүнчө бир кооз жаратылыш көрүндү, мүмкүн, мындай кооз көрүнүштү дүйнөнүн башка жеринен көрүү кыйын болор. Адегенде, анын эмне экенине түшүнгөнүбүз да жок, анткени, аны бир нерселерге салыштырууга кыйын эле.

Биз ал көрүнүштөн алысыраак болгондуктан, алар бизге көлдүн үстүндө сүзүп жүргөн ар түрдүү чоң айбанаттардай көрүндү. Улам жакындаган сайын айрымдары зоока-

дай, кээ бирлери соку канттын түспөлүндөй болуп көлдөн чыга калгансыйт. Алардын учу-кыйрына көз жетпейт. Көрсө Ха-Лонг булуңу ошол экен. Ал эми тиги көрүнгөндөр деңиздин ичиндеги аскалар жана аралчалар. Аскалар анча деле бийик эмес, мүмкүн, айрымдары үч жүз метрче болбосо, калгандары бир кырка — он кабат үйдүн бийиктигиндей бар. Бирок түспөл жагынан бир-бирине окшобойт. Аскалар жайдак эмес, алардын үстүн жапырт жапайы өсүмдүктөр, чөптөр баскан. Күн бешим чен эле жана да ал бөлөк-бөлөк зоокалар батыш тарапта болучу, бизге көрүнүшү укмуштай,— «жез кемпирдин желесинин» кооздугу кандай болсо, Ха-Лонг булуңунун кооздугу андан да сонун, ар түрлүү боёктуу, ар кандай формалуу...

Ушуга байланыштуу, шашылып, алды жакта болгон окуядан бир аз жаза кетейин. Биз Хонгай шаары, шахтерлор менен таанышкандан кийин, Ха-Лонг булуңуна анча чоң эмес катерге түшүп сейилдикке чыктык. Баягы кооз аскаларды аралап, деңизде бара жатабыз. Эки жолу токтоп, асканын ичиндеги үңкүрлөрдү көрдүк. Үңкүрлөр эң чоң, төбөсүндө учу найзадай болгон салаңдаган таштар, аларга кол тийсе эле үзүлүп кетчүдөй көрүнөт. Биз аскаларды аралап сүзүп кетип бара жатабыз. Жээк көрүнбөй калды. Адашып кеттикпи деп да ойлодук. Жакын жерден аралчалар мурдагысынан да кооз көрүнөт. Бирок аларда эч ким жашабайт, өздөштүрүлө элек. Бул аска-аралчаларды каршылык көрсөтүү согуш жылдарында коммунисттер, партизандар гана пайдаланышкан. Зоокалардагы үңкүрлөрдө конференция да өткөрүшкөн убакыт болгон.

— Партизандар күндүз ушул аска-аралчаларда жашынышып, түнкүсүн кайык менен сүзүп чыгып, душмандарга чабуул коюшчу,— деп бизге айтып берип жатат жолдош Чонг. Ал Вьетнамда жүргөндө биз менен дайыма бирге болду. Чонг СТМВнын бюро мүчөсү. Согуш жылдарында партизан отрядынын командири болгон жана да нак ушул

жерлерде согушка катышкан. Ага ар бир аска, аралча, булуң, үңкүр тааныш.— Француздар бул жерлерге келүүдөн коркушчу. Вьетнамдын балыкчылары партизандарга тамак, суу, тамеки жана башкаларды жеткирип турушчу. Алар айтылган жерге билгизбей, көрүнбөй келишип, кеткенде да көрүнүшчү эмес. Чындыгында эле түштүк деңиздеринде биздин балыкчылардан кыйын суучулдар жок — деп сөзүн улантты Чонг.

Мынакей, биз аска-аралчанын жанынан өтүп бара жатабыз. Анын боорунан бир канча бейит көрүндү.

— Бул жерде душмандын кораблине чабуул койгонбуз. Тиги бейиттер болсо французduk желдеттердики,— деп, Чонг колун сунуп, сөөмөйү менен көрсөттү.

Ха-Лонг булуңунда эч качан толкун болбойт. Хонгай шаарынын түштүк тарабында, үч чакырымча аралыкта, жээктеги бөксө тоонун боорунда жаңы курорт курулуп жатат. Деңиз климатына айкалышкан кооз табигый жаратылыш эмгекчилердин эс алуучу эң сонун жайы болооруна шек келтирүү каталык болор эле. Бул жер келечекте жер жүзүндөгү туристтердин борбору болууга да татыктуу.

Бирок, вьетнамдыктар мурда бул жерди азаптын оту деп аташкан. Анткени, Хонгай бүт бойдон француздарга таандык эле. Тээтиги көрүнгөн заңкайган имараттар, адырлуу тоолор, наркы токойлор, жогорудагы шахталар — бардыгы бир убакта франциялык колонизаторлордуку болучу. Алар тигил кооз үйлөрдө жашап, сулуу булуңда чардап, токойдо аңчылык кылып, шахтада күндүр-түндүр иштеген вьетнамдыктардын эмгегинин үзүрүн көрүшкөн. Ал эми ошол кезде шахталарда иштеген он миңдеген эмгекчилер алачыктарда, токойдун арасында, таштын коңулунда жашап, эптеп-септеп күн өткөрүшкөн. Жумушчулардын тапкан акчасы курсак тоё тамак ичүүгө жетчү эмес. Шахтада иштегендер жылына эки жолу алмаштырылып туруучу. Иш ушунчалык оор болгондуктан, жумушчулар жарым

жылдан артык чыдай албаган. Адамга өмүр, жашоо керек да. Андыктан, алсыздарды улам жаңы дыйкандар келип алмаштырган. Шахтада иштеген боюнда бар аялдарды толгоосу келгенге чейин жер алдында иштөөгө мажбур кылышкан. Өспүрүм балдарды да жер алдында он алты сааттан иштетип, эмгек акыларын чоң кишилердикине караганда үч эсе аз төлөшкөн. Ошентип, колонизаторлорго карай элдин кыжырдануусу, наалазычылыгы күндөн-күнгө күчөп, акыры вьетнам эли колдоруна курал алып колонизаторлорго каршы күрөш жүргүзүп, басып алуучуларды вьетнам жеринен куушп чыгышып, жеңишке ээ болгончо ал куралдарын колдорунан түшүрүшкөн жок.

...Биздин машиналар деңиздин жээгине жакындаганда алдыбыздан Хонгай шаарынын жаштарынын өкүлдөрү тосуп чыгышты. Алар менен учурашып, таанышып, токтой турган жайыбызды көздөй жөнөдүк. Булуңда джонкалар— парустуу чоң кайыктар өтө көп. Парусчулардын мелдеши жүрүп жатабы?— Жаштар союзунун зоналдык комитетинин секретары Буй Тан Линден сурадык.

— Жок, алар биздин балыкчылар.

Жайлангандан кийин шаарды карай жөнөдүк. Хонгай менен биз токтогон курортчо шаарчасынын ортосу суу. Андан джонкаларга түшүп өттүк. Джонкалардын үстү бойро менен жабылган. Анын ичинде жууркан-төшөк, идиш-аяктар турат. Көрсө, балыкчылардын бир кыйласы джонкада жашашат экен. Кайыктын таманынын бир жеринде төрт чарчы калай кадалган. Калайдын үстүнө от жагып, тамак бышырып ичишет.

Хонгай шаары Түштүк кытай деңизинин Ха-Лонг булуңунун жээгинен орун алган. Хонгай районун вьетнамдыктар «биздин Донбасс» деп аташат. Анткени, ал Куанг-Ен көмүр бассейнинин чыгыш тарабындагы уландысы. Ал бир жүз сексен километрге созулат. Хонгай бассейнинин анча чоң эмес жеринде чыгыш Азия боюнча эң мыкты

антрацит — жогору сапаттуу көмүр бар. Көмүр катмарларынын калыңдыгы сексен метрге чейин барат. Алар жердин үстүнө жакын болгондуктан, ачык жол менен казууга мүмкүндүк берет.

Бул жерде нефть, темир, алтын, күмүш, жез жана башка кендер да бар. Тоолор токой тилкелерине курчалган. Токойлор он сегиз миң квадрат километр аянтты ээлейт. Хонгай—чоң порт, чет мамлекеттер менен соода жүргүзүүнүн деңиз дарбазасы.

Шахталарды кыдырып, шахтёрлор менен жолугуштук. Согуш бүткөндөн үч күндөн кийин шахталарды кайра калыбына келтирүү жумуштарына киришкен. Үч жылдын ичинде көмүр казып чыгаруу согушка чейинки мезгилге салыштырганда анын орто деңгээлинен өткөн. Шахталарда беш миң жаштар иштешет, алардын жарымы эмгекчил жаштар союзунун мүчөсү. Уландар менен кыздар эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу боюнча француздар кожоюндук кылган мезгилдеги деңгээлден озуп кетүү үчүн кыймылды жайылтышкан. Бул жагынан бир кыйла жылыштар бар. Эгерде мурда 15—30 вагонетка көмүр казып чыгарышкан болсо, азыр 60—70 вагонетка көмүр казышат. Жаңы техниканы өздөштүрүү жаштарга тапшырылган.

Шахтерлор менен аңгемелешип, иштерин көрүп бир кыйла жүрдүк. Алардын жүздөрү жарык, көңүлдөрү куунак, ойлору тунук. Шахтадагы иштердин көпчүлүгү кол эмгеги менен жүргүзүлөт, бирок, алардын ишин жеңилдетүүчү техникалар жаңыдан өздөштүрүлүп жатат. Жумушчулардын эс алуусу, окуусу, жашоосу үчүн шарттар түзүлүүдө. Кетээрде шахтёрлор менен бирге, эстелик үчүн сүрөткө түштүк.

Биз шахтёрлор менен коштошуп жатканда деңиз жактан шамал жүрүп көмүрдүн чаңын учурду. Чаңга аралашканда шахтёрлордун өңү капкара болуп, күлгөндө гана тиштери жаркырайт. Ал чаң, ал каралык жуулат, кетет.

Хонгайдан чыккандан кийин Хайфонго кечке жакын келдик. Хайфон шаары да Вьетнамдын негизги өнөр жай борборлорунун бири. Мында кеме куруучу верфь, цемент, консерва чыгаруучу, күрүч тазалоочу жана башка заводдор, кагаз чыгаруучу фабрика, шайы, булгаары жана тамак-аш өнөр жайынын ишканалары бар.

Эртең менен биз Хайфон цемент заводунда болдук. Ал жердегилердин айтуусу боюнча завод 1889-жылы курулган. Ошол мезгилден тартып Вьетнамда элдик бийликти орнотконго чейин заводдун жумушчулары колонизаторлорго каршы алтымыш эки жолу көтөрүлүш чыгарышкан. Көтөрүлүшкө катышкандыктары үчүн нечен жумушчулар өмүрлөрү менен жооп беришти. Согушка чейин цементтин көпчүлүгү экспортко кетүүчү, ал эми согуш жылдарында согуштук ар кандай чептерди жасоого француздар пайдаланышкан.

Колонизаторлор Вьетнам жеринен куулуп чыгарына көзү жеткенден кийин заводду бузуп, анын жабдууларын толугу менен ташып кетишкен. Кыска мөөнөттүн ичинде заводду кайра калыбына келтириш керек эле. 1955-жылдын ноябрь айынан тартып завод иштей баштады, ал эми бир жылдан кийин толук кубатына кирди. Жетишкен ийгилиги үчүн завод орден менен сыйланган. Чыгарылган цементтин бардыгы азыр эл чарбасынын керектөөлөрүнө жумшалат.

Заводдо төрт миңден ашык жумушчулар иштешет, алардын тең жарымы жаштар. Уландар менен кыздар продукцияны сапаттуу чыгаруу, бракка жол бербөө, бардыгынан үнөмдөө, машиналарды жана жабдууларды сактоо, эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу, эмгекте баатырдыкты көрсөтүү үчүн кыймылды жайылтышкан.

Андан кийин биз үчүнчү баскычтагы мектепте болдук. Бул мектеп 1955-жылдын октябрь айында ачылган. Андан эне-аталары түштүк Вьетнамда калган балдар окушат. Адегенде мектеп шаардын четиндеги айылда эле, окуучулар

дыйкандардын үйлөрүндө жатышып, аларга жер айдоого, түшүм жыйноого жардам беришкен. Кийинчерээк шаарга которулуп, жакшы жерден орун алышкан. Окуучулардын кийимдери бүтүн, курсактары ток. Эне-аталарынан убактылуу бөлүнүп, өздөрүнчө тургандыктын белгилери билинбейт. Бирок, алардын тилеги: Вьетнам тезинен бирдиктүү болуп, тирүүлөй жетимдиктен кутулуу.

Вьетнам Демократиялык республикасынын жаштары бир нече адистикке ээ болуш үчүн аракеттерин күчөтүүдө. Мисалга Хайфон портунда иштеген уландар менен кыздарды алсак болот. Бул жерде жети жүзгө жакын жаштар иштешет. Кыска мөөнөттүн ичинде он эки кыз трактор айдоону үйрөнүшкөн. Үч жүз улан менен кыздар ар кандай адистикке ээ болушкан. Жаштар бош убактыларында коомдук иштерге активдүү катышышат. Волейболдук жана футболдук он эки команда түзүлгөн. Порттун баскетболдук аялдар командасы ошол биз барган жылы Түндүк Вьетнамдын чемпиону деген наамга ээ болушкан. Жетимиш киши сабатсыздыкты жоюуга катышышкан. Кайсы гана иште болбосун уландар менен кыздарды алга үндөп, эң алдыңкы катарда бара жаткандар — СТМВнын мүчөлөрү.

— Бир күнү — деп айтты бизге, Вьетнамдын эмгекчилер партиясынын Хайфон шаардык комитетинин биринчи секретары жолдош Хоан Хый Нан, — мага бир топ жаштар келишип, өздөрүнүн ойлорун, каалоолорун айтышып, аны кулак салып угуп турууну өтүнүштү. Мен чын дилим менен макул болдум. Алар мага үч каалоолорун айтып беришти: биринчи — СТМВнын мүчөсү болуу, экинчи — СТМВнын мүчөсү болуу жана үчүнчү — СТМВнын мүчөсү болуу. Мына көрдүңүздөрбү биздин комсомол — Вьетнамдын эмгекчил жаштар союзу кандай кадыр, баркка жетишкенин. Жаштар союзду сүйүшөт, ага мүчө болуп өтүп, жаңы турмушту курууга катышып жаткан жаштардын ал-

дыңкы катарларында болууну чын ыкластары менен каалашат,— деп, ал сөзүн аяктады.

Кечинде Ханойго келдик. Вьетнам Демократиялык Республикасынын Премьер Министри жолдош Фам Ван Донгдун чакыруусу боюнча жолдош Ким Ир Сендин ДРВга достук визит менен келгендигине байланыштуу уюштурулган кабыл алууга катыштык. Кабыл алуу Вьетнамдын артисттеринин чоң концерт берүүсү менен аяктады.

Кабыл алуудан кайтып келсек бизди Ханойдун айыл чарба институтунун студенттеринин өкүлдөрү күтүп олтурушкан экен. Бир аз аңгемелешкенден кийин, алар эртеси күнү институтка келүүбүздү сурашып, чакырып кетишти.

Ар бир элдин, ар бир шаардын өзүнө таандык, мүнөздүү салты, шарты болот эмеспи. Ошондой салт ханойлуктарда да бар. Ханойдун көчмө ашканачылары ал жерге биринчи жолу барган адамдын көзүнө тез чалдыгат. Анткени, көчөлөрдүн боюнда, тамдардын бурчтарында ар кандай тамак-аштарды бышырып, сатып олтургандарды көп жолуктурасың. Ысык куймак, пирожки... жегиң келсе, эки дөңгөлөктүү «арабанын» үстүнө орнотулган тамак бышыруучу идиштери, меши бар ашпозчу, тез эле жасап берет. Суусаң кант тростнигин сыгып, ширесин чыгарып, тор электен өткөрүп сүзүп, таттуу сууну ичүүгө сунуш кылат.

Түн ичинде бышырган пирожкаларын, кайнаткан кофелерин идишке салып көтөрүп алып, эртең менен эрте эл тураар маалда көчөлөрдү кыдырып үн салып, даяр тамакты сатып алууну сунуш кылып жүргөндөр да көп. Кокус жумушка барууга кечигип бара жатсаң, ошол тамактан сатып ичип, ишке кете бересиң. Биз жаткан бөлмөнүн көчө жактагы терезесинин форточкасы ачык калган экен, кыйкырган үн чыкканда чочуп, ойгонуп кеттик. Карасак, толугураак келген, орто бойлуу аял суу илгичинин эки учуна илинген корзинкага тамак-аш салып алып, көчөнү бойлоп

ар бир үйдүн тушуна келгенде кыйкырып коюп, бара жатат. Биз бул «салтын» жакшы деп ойлодук. Анткени, Вьетнамда азырынча ашканалар анча көп эмес. Элдин турмуш жактан болгон бардык талаптарын толук канааттандырууга мамлекеттин мүмкүнчүлүгү келгенге чейин, жогорку көрүнүш ал жетишпегендиктин бирин толуктоого убактылуу көмөк берет.

Бул күндү биз жаштар Союзунун кадрларды даярдоочу мектебине баруудан баштадык. Мектептен эки жүз адам окуйт. Окуу мөөнөтү төрт ай. Аны бүтүргөндөр уезддик жана провинциялык комитеттерге кызматка жиберилет. Окуу программасы негизинен эки бөлүктөн турат. Биринчиси, — социалисттик жолго өтүүдөгү партиянын саясаты, экинчиси — жаштар менен иштөөнүн маселелери. Биздин делегация менен мектептин окуучуларынын жолугушуусу болду. Ага алар менен кошуна турган улуттук аз элдердин балдары үчүн атайын уюштурулган педагогиялык окуу жайынын студенттери да катышышты. Бардыгы сарайдай болгон чоң клубга чогулушкан экен, биздин делегация барганда ураалап кыйкырышып, дүркүрөтүп кол чаап, тосуп алышты. Анча баргандан кийин досторго оюбузду айтып, пикир алышуубуз керек да. Александр Никифорович Аксенов дүйнө жүзүндө биринчи болуп социалисттик жолго өткөн биздин даңктуу Родинабыздын жаралыш тарыхына токтолуп келип, сөзүнүн көпчүлүгүн КПССтин XXI съезди чече турган маселелерге арнап, андан келип чыга турган комсомолдун милдеттерине токтолуп, ошол учурда ВЛКСМдын жүргүзүп жаткан иштерин кеңири айтып берди. Калп айткандай болбоюн, бирок, чынында эле анын ар бир сөзүн залдагылар кунт коюу менен угуп, сүйлөмдү айтып бүткөндө дүркүрөтө кол чаап, кызуу кубаттап турушту.

— Советтер Союзунун мурда болуп көрбөгөн илимий жактан жетишкендигине бүгүн бүт дүйнө таң калып жатат,



Тхай Нуень уездинин Лыно Нгок Куень орто мектебинин окуучулары айыл чарба өсүмдүктөрүн өстүрүүнүн тажрыйбасын үйрөнүп жатышат.



ВЛКСМдын делегациясы Вьетнамлын элдик аскерлеринин арасында.



Мектеп окуучулары жумушка бара жатышат.



ВЛКСМдын делегациясы Хонгайдагы шахтерлордун арасында.

мунун бардыгы КПССтин жетекчилиги астында жумушчулардын, колхозчулардын, советтик интеллигенциянын эмгегинен жаралды дегенде, залда олтургандар:

— Спутник! Спутник! Спутник!.. дешип, тура калышып, бир топко чейин кол чабышып, ураалашты.

Спутник! Нак ошол мезгилде 15-майда 1958-жылы учурулган үчүнчү Спутник жер шарын айланып, «бип-бип-бип» — деп, сигнал берип, учуп жүргөн убагы болучу. Советтик илимдин жетишкендигинин бир баскычы бүт дүйнөдөгү элдердин сөз байлыгына «Спутникти» кошту. Андан берки анча көп эмес мезгилдин — үч жылга жакын убакыттын ичинде «Восток» космикалык караблинде СССРдин гражданини Юрий Гагарин адамзаттын тарыхында биринчи жолу Космос мейкиндигинде учуп, жерди айланып келди. «Восток-2» космикалык корабльде Герман Титовдун жер шарын он жети жолу айланып чыгышы социалисттик түзүлүштүн түгөнгүс күчү, мүмкүнчүлүгү, келечеги жөнүндө дагы бир жолу даңазалады. Космосту багындыруудагы Советтер Союзунун укмуштуу зор жеңиштери — жер жүзүндөгү миллиондогон адамдарга тынчтыктын тагдыры мындан ары карай коммунизм менен байланыштуу экендигин түшүнүүгө жардам берди. Капиталисттик түзүлүш прогресстин кызыкчылыгына кызмат кыла албастыгын, элдерге тынчтыкты камсыз кылып, эркиндикти жана бактыны бере албастыгын көрсөттү.

Советтик адам космостун биринчи чалгынчысы болуп калды!

Менин максатым космосту багындыруу боюнча жүргүзүлгөн иштер жөнүндө жазуу болбосо да, бул саптарды сиздерге, кымбаттуу жердештерим, арнап жатканда, улуу жолбашчыбыз Ленин түзгөн Коммунисттик партиянын жетекчилиги менен менин өлкөм — Советтик Социалисттик Республикалар Союзунун илимий жетишкендиктерине, анын Юрий, Германга окшогон эң сонун уулдары көрсөт-

көн баатырлыгына сиздер сыяктуу аябай сыймыктангандыгымаи бир-эки ооз сөз жазбай коё албадым.

...Студенттер менен коштошуп, айыл чарба институтун карай жөнөдүк. Биздин келээр маалыбызды билишсе керек, институтка жакындаганда жолдун эки тарабында колдоруна гүл кармашкан студенттердин каз катар тизилип турганы көрүндү. Аларга жакындаганда машиналардан түшүп, жөө басып бардык. Ар бири биз менен кол кармашып учурашууга аракеттенишет...

Институтта төрт факультет бар: мал чарба жана ветеринариялык, токой чарба жана механизациялык. Анда окуган студенттердин саны — 640. Студенттер жалаң гана окушпастан, практикалык иштерге да катышышат. Биздин делегациянын мүчөлөрүн ар бир факультетке бөлүп кетишти. Мени механизация факультетинин студенттери алып кетишти. Таанышкандан кийин алар күнөстүү Кыргызстан жөнүндө сурай башташты. Мен аларды борборубуз Фрунзеден алып чыгып берекелүү Чүй боорунун кызылчачыларын аралатып, Боом капчыгайынан өтүп Ысык-Көлдү айлантып, Кочкорду карай жол тарттырып, Долондун ашуусун ашырып, Тянь-Шандын малчылары менен тааныштырып, Суусамырга келип, Кетмен-Төбөгө ашырып, түштүгүбүздүн ак пахтачыларын, көмүрчүлөрүн аралатып чыктым.

Студенттер берген суроолоруна жооп алышкандан кийин ырдашты, бийлешти. Акырында мени кыргызча ырдап бериңиз деп сурашты.

Мекеним мейкин, күндүн нуру төгүлгөн,
Тоолору бийик, бүркүт учуп, жел жүргөн.
Жарышып жазда, күрөшүп күздө,
Элибиз эмгек менен эрдеиип күлгөн,

— деп, мен ырдай баштаганда аудиторияда олтургандар сөзүн билишпесе да, үндөрүн чыгарышып мага кошулушту.

Ыр, бий аяктагандан кийин достуктун белгиси үчүн ар бирибизди бир дарактан тигип кетүүнү сунуш кылышты. Колубуэга күрөк алып, көрсөткөн жерден чуңкур казып, көчөт олтургуздук. Мен тиккен бактын бутагына, калың кагазга «Кыргызстан» деп жазып, илип койдум. Ал жердеги достор кокус жазуу өчүп бара жатса жаңыртып турууга убада беришти. Эгерде барып калсаңыздар, айыл чарба институтунан ошол бактардын жанына, мүмкүн, дагы жаңы көчөттөрдү олтургузарсыздар, анткени—вьетнамдык достор ошол жерди «достуктун аллеясы» деп атап коюшкан.

ДРВда мамлекеттин экономикасын чыңдоого гана көңүл бурулбастан, өлкөгө керектүү кадрларды да даярдоого чоң камкордук көрүлүүдө.

# Вьет Бак



Вьетнамдыктар Вьет Бак жөнүндө сөз болгондо өздөрүн кандайдыр бир кубанычтуу сезип, толкундангансып, көздөрү жоодурап, ар бири сүйлөөгө умтулуп, аябай сыймыктанышат. Адегенде мен эмне үчүн мындай экенине түшүнө албадым. Көрсө анын мазмуну терең экен. Ал жөнүндө кабардар болгондон кийин, вьетнамдыктар менен бирге биз дагы кошо сыймыктандык, кубандык, ал жакка барууну самадык, шашылдык...

Вьет Бак — бул Түндүк Вьетнамдын тоолуу автономиялык зонасы. Азыр анын составында алты провинция бар. Каршылык көрсөтүү согуш жылдарында бул зонага он үч провинция караган, башкача айтканда, Ханойдон тартып улуу Кытайдын чегине чейин Вьет Бак зонасы болгон. Вьет Бак — француздук жана японлук колонизаторлорго каршылык көрсөтүүнүн негизги базасы, бекем чеби, 1945-жылдагы Вьетнамдагы элдик революциянын чыккан жана өрчүгөн жери болгон.

Вьет Бак тоолуу жана токойлуу район. Бул жерде жашаган адамдардын саны бир миллиондон ашык. Согуш жылдарында партия, өкмөт башчылары андагы токойлордо, тоо арасындагы үңкүрлөрдө жашашып, жетекчиликти ушул жакта туруп жүргүзгөн. — Мына эмнеликтен — деп, айтты бизге жолдош Чу Ван Тан — партиянын зоналдык комитетинин биринчи секретары, административдик комитеттин жана автономиялык зонанын Ата Мекендик фронтунун председатели, — бир адамдын караанын көрсө да француздук учкучтар пулемёт менен атышкан. Каршылык көрсөтүү согуш жылдарында ал жердеги элдердин дээрлик бардыгы токойлордо жашашкан, анткени колонизаторлор шаарлар менен айыл-кыштактарды бомбалап, жашоого мүмкүнчүлүк берген эмес. Жолдош Чу Ван Танды тааныбаган же биринчи көргөн адам жөнөкөй эле катардагы кишилердин бири деп ойлой турган. Сырткы көрүнүшүнөн анча өзгөчөлүктү таба албайсың. Орто бойлуу, тоголок бет, жапкак көз, мурду теңирекей, кырк чамасынан ашып кеткен, токтоо, сабырлуу адам. Бирок, сүйлөшүп, таанышып олтурганда ал кишинин сапаттары сизге аз-аздан белгилүү боло баштайт. Чу Ван Тан бул зонада көп жылдардан бери иштейт, нечен жолу революциялык кыймылга жетекчилик кылып, көтөрүлүш уюштурган. Боштондук үчүн элдин жүргүзгөн революциялык кыймылы жөнүндө сөз болгондо ордунан кыймылдап, козголуп, жүткүнүп, колун шилтеп сүйлөйт.

Вьет Бактын дагы бир өзгөчөлүгү бар. Бул көп улуттуу зона. Француздук колонизаторлор Вьетнамдын көп улуттуу мамлекеттигинен пайдаланып, бир элди экинчи элге жамандап, алардын арасында нааразылыкты туудурууга аракеттенишкен, улутчулдарды колдошкон. Тоо райондорунда жашаган урууларды талаа жерде жашагандар менен каршы кылууга умтулушкан. Бирок, душмандын максаты ордунан чыккан жок. Ал жерде жашаган аз улуттуу

элдер вьетнамдыктарга каршы чыкпастан, алар менен бир тилекте болуп, кол кармашып колонизаторлорду вьетнам жеринен кууп чыгууга активдүү катышышты.

Азыр Вьетнам Демократиялык Республикасында улуттук карама-каршычылыкка орун жок. Республиканын бардык граждандары улутуна жана расасына карабастан тең укуктуу. Согуш бүткөндөн кийин—деп айтты жолдош Чу Ван Тан — эки багытта иш жүргүздүк: эл чарбачылыгын өнүктүрүү жана улуттук аз элдерден кадрларды тарбиялоо. Алар үчүн атайын педагогиялык окуу жайы уюштурулган. Өздөрүнөн мугалимдерди даярдап чыгарып жатабыз. Провинциялардагы жана уезддердеги жетекчи кадрлардын 62 процентин әр түрдүү уруулардын жана элдердин өкүлдөрү түзөт. Тоо арасындагы жашаган аз улуттуу элдер үчүн Ханой, Хайфон сыяктуу шаарларга экскурсия уюштурулат, анткени, алар мурда шаарларды көрүүгө мүмкүнчүлүк албаган.

Тоо арасында жашаган биздин калктарыбыз мурда медицина дегенди билишчү эмес эле, — Чу Ван Тан күлө сүйлөдү, — азыр врачтардын, медициналык сестралардын көп болушун талап кылып жатышат, аларды даярдоого үлгүрө албай жатабыз. Ошондой болсо да колдо болгон мүмкүнчүлүктөрдөн толук пайдаланып, элдин талабын канааттандырууга аракеттенүүдөбүз. Ар бир ири кыштактарда медициналык пункт болуучу мезгил алыс эмес. Биздин жүргүзгөн бардык иштерибиз эл үчүн экендигине жакшы түшүнөсүздөр. Элден айланса болот. Каршылык көрсөтүү согуш жылдарында француздар чабуулга өткөн мезгилде элдин бардыгы айылдарда эч нерсени калтырбастан, токойго көчүп кетишти эле. Күндүзү согушка катышышып, түн ичинде, айдын жарыгында талаа жумуштарында иштөөчү. Армияны эл бардык жактан камсыз кылып турду. Душмандар коммунисттер жана партизандар жөнүндө сураганда эл «үч жок»: «көргөн жокпуз, уккан жокпуз жана бил-

ген жокпуз» менен жооп кайтарышчу. Көп улуттуу элибиз партияга чексиз берилип, анын жетекчилиги астында баскынчыларды жеңип чыгуу үчүн эч нерселерин аяшкан жок.

Көп кыйынчылыктар болгон жана азыр да кездешүүдө. Согуш жылдарында жалаң гана душмандар менен кармашпастан, аз улуттуу элдердин арасында да көп иш жүргүзүүгө туура келди. Ошентип, согуш мезгили эл массасына саясий тарбия берүүнүн процесси да болду.

Согушка чейин Вьет Бак зонасы шалыдан эки жолу түшүм алууну билүүчү эмес, ачарчылык да болгон. Согуш жылдарында тоолуу райондордо да эки жолу түшүм алууну үйрөндү. Тынчтылык орногондон бери айыл чарбасы жылдан-жылга өнүгүүнүн үстүндө. Мурда күрүчтүн ар гектарынан 12 центнерден гана түшүм алышса, азыр 20—22 центнерден алууда.

Жеңишке жеткиргендердин арасында жаштардын салымы аз эмес. 1948—1950-жылдарда Вьет Бак зонасынан гана жаштар союзу бир жүз элүү миң уландарды аскерге жиберген. Катнашуу жолдорду кайтаруу жана чытырман калың токойдун арасында иштеп жаткан заводдордон согуш курал-жабдыктарын жоокерлерге ташып жеткирип туруу үчүн ар бири жүз адамдан турган отуз тогуз отряд уюштурган. Согуш бүткөндөн кийин мина коюлган жерлерден миналарды алып, зыянсыз кылып, пайдаланылбай калган жерлерди өздөштүрүү максатында жаштардан атайын отряддар түзүлгөн. Ханой—Мукнам—Кунам темир жолун кайра калыбына келтирүү жумуштарына он миңге жакын уландар менен кыздар катышышкан. Жалаң жаштардын күчү менен канча сугат системалары кайра калыбына келтирилди! Аялдар да ар бир ишке активдүү катышышкан. Айтмакчы, биз барардын алдында техникалык прогресс боюнча аялдардын зоналдык кеңешмесин өткөрүшүптүр. Эки миңге жакын адам техникалык кружоктордо окушат. Вьет Бактын жаштары: «Партиянын айткандарын—

аткарабыз, кыйынчылыктарды—жеңебиз!» деген ураан менен иштеп жатышат.

Кандай гана иште болбосун эл анын акыйкаттуулугуна түшүнгөндөн кийин аны аягына жеткире бүтүрүү үчүн чоң-кичине дебей жапырт киришет эмеспи. Каршылык көрсөтүү согуш жылдарында вьетнамдыктар аябаган каармандык, бирдиктүүлүк менен колонизаторлорго каршы күрөшүштү. Биз менен аңгемелешип олтурганда жолдош Чу Ван Тан бир окуяны айтып берди. — Биз эч убакта унута албайбыз, биздин эсибизден эч качан кетпей, түбөлүккө сакталат,— деп, баштады ал өзүнүн сөзүн, — ушул убакта анын жайдары жүзү мостоё түштү да, кичине ойлонуп туруп, сөзүн улантты: жаш муундарыбыз — пионерлер да көп ишке жарады. Хо Ши Мин Түндүк Вьетнамда жүргөндө анын «жардамчысы» болуп иштеген эки пионер бала бар эле. Биринин аты Ким Дон болучу. Алар чыныгы «революционерлер». Бир күнү аларга эң маанилүү тапшырма берилди: жашыруун катты жеткирүү. Пионерлер калың токойду аралап, жол жок жерлерден өтүп, чоң сууларды кечип, тоо ашып кетип бара жатканда аларды француздук колонизаторлор көрүп калышып, артынан түшүп, издешет. Катуу качкандыктан балдардын бири аябай чарчап, мурдагысындай жүрө албай калат. Куугунчулар улам жакындай беришет. Чарчаганы экинчисине катты берип, аны тез жеткирүүнү буйруп, өзү ошол жерде калат. Бир аз эс алгандан кийин, акыркы күчүн жыйып алып, токойду аралап качып жөнөйт. Бирок колонизаторлор кармап алышат. Катты алып кеткен Ким Дон жүрүп олтуруп, аны айткан жерге жеткирет. Пионерлердин Элдик Армия менен партизандарга жардамдаш болушкандыгынын бир гана көрүнүшү ушул. Эркин турмуш үчүн кичинебизден тартып ак сакалдууларыбызга чейин күрөштүк. Акыры жеңишке ээ болдук. Азыркы мезгилде кандай иштерди жүргүзүп жаткандыгыбызды, жетишкен, жетишпегендигибизди өз көзүңүздөр

менен көрүп олтурасыздар жана дагы таанышасыздар деп,—Чу Ван Тан сөзүн аяктады.

Бизди бул зонанын территориясындагы табигый үңкүргө алып барышты. Бул үңкүрдө бир убакта революциялык кыймылдын штабы жайгашкан жана жолдош Хо Ши Мин да ушул үңкүрдө жашап, ишке жетекчилик кылган. Үңкүр бийик тоонун этегинде, ичи туннель сыяктуу (узундугу бир чакырымдан ашык дешти). Биз куураган чырпыктарды тутам-тутам кылып боолап, аны үңкүргө кире бергенде жарык болуш үчүн уч жагынан күйгүзүп алдык. Ичи бүт эле тектир таш. Таштан ташка секирип жүз метрден ашыгыраак жерге бардык. Түбүндө жылжып кичине суу агып жатат. Вьетнамдын патриоттору ушул үңкүрдөгү таштардын арасында жашап, жылжып аккан суудан ичип, бүлбүлдөп күйгөн шам-чырактын жарыгында душмандарды талкалоо үчүн нечен түрлүү оперативдүү пландарды түзүп, революциялык иштерге багыт берип, элди колонизаторлорго каршы күрөшкө мобилизациялаган.

Вьет Бактан кайтаарыбыздын алдында аз улуттуу калктар үчүн уюштурулган педагогиялык окуу жайынын студенттеринин, тоолуу райондордогу элдердин балдары окуган мектептин жана үчүнчү баскычтагы мектептин окуучуларынын турмушу, окуусу менен тааныштык. Алар өз-өз тилдеринде окушат. Үчүнчү баскычтагы мектеп зонадагы мектептердин эң чоңу. Мындан 1300 балдар окушат. Бул мектепти бүтүргөндөрдүн бир кыйласы СССРдин, Кытайдын жана башка социалисттик өлкөлөрдүн жогорку окуу жайларынан билим алууларын улантышат. Согуш жылдарында мектептин имаратын колонизаторлор талкалап кеткен. Согуш бүткөндөн кийин аны кайрадан калыбына келтирген. Мектепти курууга окуучулар активдүү катышышып, мамлекеттик каражаттан 1 миллион 700 миң донгду[1] эко-

---

1 100 донг 30 сом 60 тыйынга барабар.

помдоого көмөк беришкен. Окуучулар практикалык иштерди жүргүзүү үчүн төрт гектар жер бөлүнүп берилген. Жогорку класстардын окуучулары жумасына эки жолу сабатсыздыкты жоюу ишине катышышат. Жакын жерлердеги эмгектик өз ара жардам көрсөтүү бригадаларына түшүм жыйноого жана жер семирткичтерди топтоого да жардам беришет. Мурда эч бир нерсеге тең болбой, аябай эзилген элдер, азыр бүткүл чарбага өздөрү ээ, бүткүл ишке өздөрү жетекчилик кылышат.

Вьет Бак зонасынын кайсы жерине барсаңыз — бардык жерде эл окуп, иштеп, социалисттик коомду курууга өз үлүшүн кошуп жатканын көрөсүз.

# Жаңырган айыл



Вьет Бактан келгенден кийин Ханойдун түштүк тарабындагы Нги Ан провинциясына бардык. Бул провинциянын борбору—Винь шаары менен Ханойдун аралыгы үч жүз километр. Машиналарга олтуруп, бара турган жакты көздөй жөнөдүк. Винь шаарына күн батып, каш карайганда келдик. Биздин ал жакка келе турганыбызды мурда эле билишсе керек, машиналар Нги Ан провинциясынын территориясына кире бергенден тартып, борборуна жеткенге чейин, жол боюндагы айылдарда чогулган элдер колдорун чаап, булгалап, өз тилдеринде: Линьсо—Советтер Союзу деп кыйкырып турушту. Шаардын көчөсү менен кетип бара жатабыз. Бир маалда машиналар жай жүрүп, бир аздан кийин токтоп калды. Жерге түшүп алды жакты карасак: көчө толгон калың эл катар тизилип бизди карай келе жатышат. Тосуп чыккан досторду карай бардыгыбыз чогуу бойдон бастык. Жакындай бергенде жүгүрүп келишип кучакташып, өбүшүп учураша башташты. Эл ушунчалык көп — басууга болбойт, алардын ар бири кол

кармашып учурашууга аракеттенишет. Бизди көтөргөн бойдон мейманкананы карай алып жөнөштү...

Нги Ан провинциясы борбордук Вьетнамга таандык. 1930-жылы бул жерде дыйкандар чоң көтөрүлүш чыгарып, колонизаторлордун бийлигин кулатып, совет өкмөтүн орнотушат. Бирок эл бийлиги жети айга гана созулат. Провинциянын Ким Льенг айлында 1890-жылы 18-май күнү Хо Ши Мин төрөлгөн. Балалык чагын ушул жерде өткөргөн. Ошол кездеги үйү мурдагы эле ордунда турат. Мындан жарым кылым мурда таштоого мажбур болгон ал үйү жыгачтан салынган, үстү жалбырак менен жабылган. Үй жөнөкөй, миңдеген дыйкандардын үйлөрүнөн эч айырмасы жок эле. Азыр ал үй анча-мынча ремонттолуп, тегерегиндеги бак-дарактар да жаңыдан тигилген. Үйдүн ичинде Хо Ши Миндин атасынын жана бир тууганынын сүрөттөрү илинген. Стол, беш-алты стул жана үч тактайдан жасалган жыйма кровать — болгон дүнүйөсү ушулар.

Хо Ши Миндин туулуп-өскөн айлына күнүгө жүздөгөн түндүк Вьетнамдыктар, туристтер жана чет мамлекеттен барган өкүлдөр келип-кетип турушат. Хо Ши Миндин чыныгы аты Нгуен Синг Кунг. Хо Ши Мин деген вьетнамча — «көптү көргөн, тажрыйбалуу, эстүү» деген маанидс (бул анын партиялык псевдоними — жашырын аты). Мына ошол «эстүү, көптү көргөн» адамдын эл үчүн иштеген иштери, анын кулк-мүнөздөрү жөнүндө угуп, туулган жеринде болгондон кийин, бизди ал кишинин өзү менен жолугушсак, сүйлөшсөк деген сезим шаштыра баштады. Жаш кезинде Хо Ши Мин соода флотунда моряк болуп иштеп дүйнө жүзүнүн бир топ портторунда болгон. Андан кийин Францияда узак убакыт иштейт. 1924-жылы Францияны таштап, Түштүк-Чыгыш Азияга барат. Бул жерге революциялык иш жүргүзүү үчүн келет. 1930-жылы Индо-Кытайда Коммунисттик партия уюштурулат, анын негиз салуучуларынын бири Хо Ши Мин болгон. Вьетнам Демократия-

лык Республикасы жарыяланган 1945-жылдан бери Хо Ши Мин анын президенти болуп иштеп келе жатат.

Нги Ан провинциясынын территориясы 16 миң квадрат километр. Дециз тарабындагы жээк чек арасы 80 километрге, Лаос менен болгон чек арасы 200 километрге созулат. Территориясынын үчтөн эки бөлүгүн тоолуу, токойлуу райондор ээлейт. Калкынын саны бир миллион бир жүз миң. Негизги чарбасы шалы.

Шалы өстүрүү үчүн кол эмгеги көп жумшалат. Көпчүлүк жерлерде өгүз кошкон буурусун менен жер айдап жүргөндөрүн көрдүк. Шалыны оруп, жыноу иштеринде да азырынча механизация жок. Вьетнам дыйкандары техниканы башкарып, оор жумушту анын күчү менен бүтүрүүчү мезгил алыс эмес.

Бул провинциянын жаштары да сыймыктанууучу иштерди аткарышкан. Каршылык көрсөтүү согуш жылдарында сексен миң жаш адамдар дециз жээгин, чек араны күзөтүүгө мобилизацияланган. Душмандар жакындап келгенде аны менен согушуп, ал алыстап качып жөнөгөндө талаа жумуштарында иштешкен. Вьетнамда суу көп болгону менен айрым жылдарда кургакчылык болуп, күрүч өстүрүү кыйынчылыкка учурайт. Кургакчылыктын кааты согуш жылдарында да болду. Жаштар кудук, канал казып суу чыгаруу иштерин өз колдоруна алышып, «жерди суу берүүгө мажбур кылабыз» деген ураан менен иштешти. Бир миң үч жүз канал казышты, бул болсо жыйырма миң гектар жердеги күрүчтү сугарууга мүмкүнчүлүк берди. Ал эми кийинки жылы катуу, алай-дүлөй жамгыр жаап сел жүрө баштады. Эл бир жагынан душман менен согушса, экинчи жагынан сел менен күрөшүүгө туура келди. Мында да жаштар демилгени өз колдоруна алышып, он алты эпкиндүү бригада түзүшүп, дамба курушту.

— Биздин үч душманыбыз болгон. Алар: француздук колонизаторлор, ачарчылык жана сабатсыздык эле. Бирин-

чи экөөнү жеңип чыктык. Үчүнчүсүн жеңүү биз үчүн анча кыйынчылыгы жок—дешет вьетнамдык достор.

Шаар менен тааныштык. Тарыхый музейде жана Вин Фук кооперативинде болдук. Кечинде шаардын жаштары менен жолугуштук. Жолугушуу ыр, бий кечесине айланды. Электростанциянын монтёру «Ленинские горы» деген ырды орус тилинде аткарды. Көрсө, ырды ал электростанцияны курууга жардам берген биздин советтик адистерден үйрөнгөн экен.

Эртең менен тоо арасында жайгашкан мамлекеттик чарбага карай жөнөдүк. Жолдо калың токойлор, кээ бир жерлерде кофе плантациялары. Биз бара жаткан жак, согуш жылдарында ээн калып, тогуз жыл жапайы айбандардан башка эч бир жан жердебеген чытырман токойлуу жер болгон. Бул райондо мурда француздук колонизаторлорго таандык болгон кофе плантациясы жайгашкан. Бир топко түз жер менен жүргөндөн кийин машиналар тоого көтөрүлө башташты. Ар кайсы жерден чакан айылдар кездешет. Машиналардын үнүн угушканда айылдагылар көчөгө чыгышып, бизди карап турушат. Жакындай бергенде жылмайышып, колдорун булгалашат.

Биз мурда эле көрдүк эле, бирок, суроодон уялып, унчукпай эле жүргөнбүз. Ушул жерге келгенден бери андай көрүнүш, айрыкча, айыл-кыштактарда көбөйө баштады. Өзүбүзчө сүйлөшүп, таң калабыз, ойлонобуз, жандырмагын эч таба албайбыз. Ал мындай: айрым аялдардын тиштери капкара, кара лак менен боёп койгондой жалтырайт. Адеп көргөнүбүздө тиш оорунун кесепети го деп да ойлодук. Анан мындай көрүнүштү башка жерлерден да учураттык. Бүгүн кара тиштүү аялдар көбүрөөк учурай баштагандан кийин, анын себебин билүүгө кызыгып, биз менен бирге жүргөн вьетнамдык досторго суроо бергенибизде:

— Аялдардын тиштерин карайтып боёп алгандары колониализмдин калтырган бир белгиси. Анткени, фран-

цуздук желдеттер биздин аялдарды зордуктап, массалык түрдө маскаралай баштагандан кийин, аларды жийиркентип, айбандык зомбулуктан кутулуу үчүн тиштерин карартууга мажбур болушкан — деп, жооп кайтарышты.

Мамлекеттик чарбаны уюштуруу 1955-жылдын аяк ченинде башталган. Мурда ушул жерде жашагандардан отуз үй-бүлө чарбанын алгачкы мүчөлөрү болушту. Башка уезддерден өз каалоолору менен бир миң эки жүз жумушчу келишти. Көп кыйынчылыктарга дуушар болушуп, акыры аларды жеңип чыгышты. Үч жылдын ичинде бир миң алты жүз адамга турак жай курулду. Ашкана жана медициналык пункт ачылды. 540 гектар кофе плантациясын техника менен иштетишет. Жер семирткич заттарды сактоочу жай, мал чарба курулуштары курулду. 1963-жылга чейин уйдун санын 4000 башка, каучуктун аянтын—1500, кофе плантациясынын аянтын да 1500 гектарга чейин көбөйтүүнү милдет кылып коюшкан. Бул милдеттерин аткаруу үчүн бардык шарт бар. Анын эң башкысы — адамдар, эң сонун эмгекчилер. Мамлекеттик чарбанын коллективи Нгуен Дик Нго, Ле Дынг Фун, Ле Ван Тких жана башка ондогон алдыңкы жумушчулардын ысымдарын сыймыктануу менен аташат. Алар күндөлүк нормаларын 150 проценттен кем аткарышпайт. Жумушчулардан үч жүз адам Вьетнамдын эмгекчилер партиясынын, ал эми төрт жүзү жаштар Союзунун мүчөсү.

Бул жерде кофе дарагынын арабика, рубюста жана шари сортторун өстүрүшөт. Кофе дарактары тиккенден үч жылдан кийин, ал эми каучук дарактары болсо тиккенден беш жылдан кийин түшүм бере баштайт. Ар бир каучук дарагынан орто эсеп менен жылына эки жарым килограмм каучук алууга болот. Кофе жана каучук дарактары тигилгенден кийин жүз жылга чейин үзгүлтүксүз түшүм берет.

Мурда эзилүүнүн үстүндө болуп, андан кийин тогуз жыл ээн жаткан кичинекей кыштак, азыр жаңырып, арышын кере-кере илгери карай шилтөөдө.

Ханойго кайтып келгенден кийин жаңыдан башталган Бах Хангай ирригациялык курулушунда болдук. Бул курулуштун вьетнамдыктар үчүн чоң мааниси бар, анткени, аны бүтүргөндөн кийин эки жүз миң гектар жерди сугарууга мүмкүнчүлүк берет. Мурда, суу чыгарып бул жерлерди пайдаланууну эч ким ойлогон да эмес. Курулушта отуз миң адам иштейт, алардын көпчүлүгү жаштар.

Курулушка баргандан кийин биз да карап турган жокпуз. Колдорубузга күрөк алып, жер казып, топурагын себетке салып, тышка ташып эки саатча вьетнамдык достор менен бирге иштештик. Жумуш арасында эс алa калганда ал жерде иштегендер көп суроолорду беришти, аларга жооп берип биздин өлкөнүн жаштарынын иши, турмушу, окуусу, эс алуусу... жөнүндө айтып берип жаттык.

Вьетнамдын уландары менен кыздарынын эң сонун иштери, эмгектеги каармандыгы, алардын бардык иште активдүүлүгү жана ынтымактуулугу — Вьетнамдын эмгекчил жаштар Союзунун чоң жетишкендиктеринин күбөсү. Союз жаштарды интернационализмдин духунда, прогрессивдүү бардык жаштар менен достуктун духунда тарбиялоого партияга жардам берет. Бул жооптуу иште туура жол менен бара жатат.

Биз болгон бардык жерде Лениндик комсомолдун өкүлдөрүн Вьетнамдын жаштары чын жүрөктөн бир туугандык менен куттуктап, советтик жаштардын турмушун билүүгө аябай кызыгышты. Биз орус тилин окуп үйрөнүп жаткан уландар менен кыздарды көп жолуктурдук. Алар биз менен жалаң гана орус тилинде сүйлөшүүгө аракеттеништи жана да булардын көпчүлүгү орус тилин дурус үйрөнгөндүгү жана үйрөнүп жаткандыгы көрүндү.

Вьетнам жерине биринчи кадам шилтегенден кайра кетээр алдындагы акыркы минуталарга чейин чыныгы ишенимдүү достордун арасында экенибизди сездик.



Жаштар айдоо аянтына жер семирткичтерди чачып жаткан кези.

Мектеп окуучулары өздөрүнүн тажрыйба участогунда.





Вьет Бак зонасынын жаштарынын өкүлдөрү менен ВЛКСМдын

ВЛКСМдын делегациясы Хайфон портунда.





делегациясынын жолугушуусуна арналган митингге катышкандар.

ВЛКСМдын делегациясы жолдош Хо Ши Мин согуш жылдарында иштеп турган Вьет Бак зонасындагы табигый үңкүргө барган учуру.





Өздүк-көркөм чыгармачылык кружогунун катышуучулары «тапочка» деген бийди аткарып жатышат.

Бул сүрөттөгү кыздар ырдаганда уккуң эле келет.



Вьетнам жери дайыма көпкөк чөптөргө, жашыл токойго бөлөнгөн. Жаратылышы кандай жаш болсо, анын жаңы, бактылуу турмушту курууга киришкенине да анча көп убакыт боло элек. Бирок, социализмди курууда жетишип жаткан ийгиликтери чыныгы досторун кубантпай коё албайт. Ага активдүү катышкандардын, алдыңкы катарда бара жаткандардын бир отряды—вьетнам жаштары.

# Кайтаар алдында



Вьетнам Демократиялык Республикасында жыйырма бир күн болдук. Шаарлар менен айыл-кыштактарын кыдырып достордун иши, турмушу, окуусу, эс алуусу менен тааныштык. Алар азырынча анча бай эмес турмушта жашап турушат. Ал да болсо мурда колониалдык эзүүнүн натыйжасы. Азыр вьетнамдыктардын бакыттары өз колунда, алар жаңы турмушту куруу иштерин кызуу жүргүзүүдө. Достордун айрымдарынын кийимдери убактылуу жамаачылуу, бирок көңүлү куунак, курсагы ток, асыл сезими күндөн-күнгө күч алууда.

— Кыйынбы?—деп сурасаң.

— Жок. Сиздерге кыйыныраак болгон. Сиздер жаңы турмушту куруп жатканда жалгыз элеңиздер. А биз болсок жалгыз эмеспиз. Сиздер бизге келип, биз сиздерге барып жаңы бактылуу турмушту курууну үйрөнүп жатабыз—деп, жооп кайтарат да, колуңду кош колдоп бекем кысып, бүткөн бою эригендей солкулдап, чыныгы доспуз деген сезимин билдирет.

Вьетнам элин эркиндикке, бактылуу жаңы турмушту курууга жеткирген, аларды түз жол менен алып бара жаткан Вьетнамдын эмгекчилер партиясы. Бул партиянын председатели жана генеральный секретары жолдош Хо Ши Мин.

Хо Ши мин—Вьетнамдын улуттук баатыры. Эл аны чын жүрөктөн сүйүшөт, андан күрөшүүнүн жолдорун үйрөнүшөт. Президенттин бүт өмүрү элге кызмат кылууга багытталган жана багытталууда. Элдин бактысы үчүн ал тюрьмага олтуруп, душмандарга каршы катуу күрөшүү мезгилинде эл менен бирге, жайлуу жерлерин таштап, чытырман токойдун арасында жашап турду. Аччылыкка, көп нерселердин жетишпегендигине карабастан ал элди уюштуруп, бардык күчтү Вьетнам жеринен колонизаторлорду куул чыгууга, элге эркиндик алып берүүгө мобилизациялады.

Жогоруда жазылган Тхуен Нуген уездиндеги чытырман токойлуу тоонун этек жагындагы үңкүрдө сасыган чырактын жарыгында күндүр-түндүр иштеп, элдин келечегин ойлоп, эс алууну унутуп талыкпай кызмат кылган Хо Ши Мин. Жамгыр жааган күндөрдө үңкүргө суу толуп, Президент калтыратма оорусуна катуу чалдыкканда да өзүнүн иштеп, жашап турган үңкүрүн таштап кеткен эмес. Кээ бир жолдоштору аны эс алыңыз, башка жакка барып дарыланыңыз деп сунуш кылганда да:

— Биз калтыратма менен да күрөшүшүбүз керек—деп, жооп берген. Хо Ши Мин ишин уланта берип ооруну жеңген.

Кадыр-барк, элдин сүйүүсү адамга көктөн түшүп келбейт эмеспи. Ага жетишүү үчүн эң мурда эл үчүн багытталган чыныгы адилеттүү эмгек керек. Хо Ши Мин вьетнам эли үчүн бүт өмүрүн арнаган десек жаңылыштуу болбойбуз. Биздин бул айтканыбызды анын иштеген иштери далилдеп турат. Мына эмне үчүн вьетнам эли аны сүйүшөт, кадырлашат, Хо Ши Минден жаңы турмуш үчүн күрөшүүнүн үлгүсүн алышат.

Биз бүрсүгүнү кетебиз деп турган күнү Вьетнамдын эмгекчилер партиясынын Борбордук Комитетинде болдук. Биздин делегациянын мүчөлөрүн Борбордук Комитеттин Саясий Бюросунун мүчөлөрү Чан Ти Тхы, Чуонг Чин, То Хый жолдоштор жана Борбордук комитеттин мүчөсү, Тышкы иштер министринин орун басары жолдош Унг Ван Хиэм кабыл алышты. Аңгемелешүү эки жарым саатка созулду, бирок, эң жөнөкөй, кадимки достук кырдаалда болгондуктан убактынын кандай өткөндүгү да сезилбей калды. Кабыл алуунун акырында бардыгыбыз эстелик үчүн сүрөткө түштүк. Ушул жерден эртең бизди жолдош Хо Ши Мин кабыл аларын билдиришти. Бул кабарды уккан түнү кубангандыгыбыздан анча уктай албай чыктык.

Эртең менен эрте саат жетиде жолдош Хо Ши Миндин кабыл алуусуна бардык. Кабыл алуу Президенттин Дворецинин багынын ичинде болду. Биздин машиналар ал жерге жакындаганда дарбазалар ачылып, короонун ичине түз эле кире бергенибизде бизге карай орто бойлуу, жазы маңдай, чокчо сакал, арык чырай адам басып келе жатканын көрдүк. Машиналарды тык токтотуп, андан түшүп биз да ал кишини көздөй ылдамдай бастык.

Ар бирибиз менен кош колдоп учурашып, биздин саламаттыгыбыз, бул жерде болгон күндөрдү кандай өткөргөндүгүбүз жөнүндө сурады. Эски тааныштардай эле аралашып, бизди бат эле өзүнө тартып алды. Бир аздан кийин бактын ичинде турган узун стол жакка чакырды. Столдун үстүндө: конфет, кумшекер, печенье, банан, мандарин, сигарет. Бардыгыбыз столго олтурдук. Ар бирибизге кофе куюп алып келишти. Андан ууртап коюп, кээде сигареттен тартып бир саат чамасында жолдош Хо Ши Мин менен сүйлөшүп олтурдук. Ал көпчүлүк убактысын бизге суроо берүү менен өткөрдү. Бардыгын: биздин турмуш ал-жайыбызды, үй-бүлөбүздү, ишибизди, кандай жаңылыктар болуп жаткандыгын... койчу, «ийне-жибине» чейин сурап кызыкты.

Биз суроосуна жооп бергенден кийин Вьетнамдан көргөндөрүбүз жөнүндө айтып бердик. Кайсы жерде болбосун эл эмгектин үстүндө, кары дебей, жаш дебей жапырт жумуш иштеп жүргөнүн айтып, айрыкча аялдар активдүү... дегенибизче:

— Мурда бизде аялдарды «тоок кыйкырганда теңдикке ээ болосуңар» деп басындырып, шылдыңдоочу. Азыр андай эмес.—деди жолдош Хо Ши Мин.

Мен аңгемелешүүдөгү айтылган сөздөрдү блокнотума жазып олтурдум эле, байкап калса керек: «сен эмне, секретарсыңбы» деп, тамашалады Президент.

Жолдош Хо Ши Миндин жүргөн-турганы, мүнөзү, сүйлөгөнү эң жөнөкөй көрүндү. Анын кийген кийими да жөнөкөй: ак күрмө, шым, анын үстүнөн жакасынын желке жагы жамаачыланган боз китель жамынып алган. Бутуна кийгени каучуктан жасалган кара сандал. Мына ушул жөнөкөй көрүнгөн, жөнөкөй кийинген адам менен сүйлөшүп, анын басып өткөн жолу менен таанышканда ал жөнөкөйлүгү, мээримдүүлүгү элге, чыныгы досторуна арналгандыгы, ал эми душмандарга болгон мамилесинде келишпестик, каармандык сезилет.

— Мен жыйырманчы жылдарда Москвада болгон элем. Ал мезгил силердин эл үчүн кыйын мезгил эле: Донбасста иштеген чет мамлекеттик адистер саботаж чыгарып, кадрлар жетишпей, экинчи жагынан азык-түлүк аз болуп, эл кыйын турмушта жашаган болучу. Бирок, коммунисттик партия абалды терең түшүндүрүп, келечек коммунизмге таандык экендигине ишендирип, элди Ленин көрсөткөн жол менен түз алып жөнөгөндө, америкалык империалисттер «большевиктердин оюо аткарылбайт», «Советтер көпкө жашай албайт» деп чуулдашкан болучу. Азыркы кезде империалисттер андай сөздөрдү айта албай, оздору жап болуп калышты. Анткени, коммунисттер айтканын жүзөгө ашырбай кой-

бойт. Бүгүнкү күндө СССРдин жетишкендиктери бүт дүйнөнүн элдерин таң калтырууда.

Кечээ күнү советтик спутник биздин Ханойдун үстүнөн учуп өткөнүн көрдүк. Андан мурдараак Кытайда болгондо да көргөн элем. Бул эң сонун!—деп, Хо Ши Мин жылмая күлүп койду.

Ушул убакта Таня ордунан тура калып Президенттин төшүнө значок такты. Хо Ши Мин аны тигиле карады да:

— Мен жыйырманчы жылдарда Москвада болгондо орус кыздары кийген кийимдери жөнөкөй, алардын көрүнүштөрүнөн убактылуу жетишпегендиктин тагы билинип турчу эле. Ага карабастан эң мыкты иштөөчү. Азыр мына ошол күрөштүн натыйжасын карачы: кийимиңер да, ишиңер да сонун, өңүңөр да кубанычтуу, сулуу. Бардыгынан да Совет өкмөтү менен КПСС көрсөтүп келе жаткан жолуңар, жети жылдык планыңар кандай сонун! Адамдын делебесин козгойт. Кищи ищи менен сулуу—деди.

Андан ары Вьетнамда социализмди куруу ишинде болуп жаткан кыйынчылыктарга токтолуп,—бирок,—деди Хо Ши Мин—бул кыйынчылыктар сиздерде болуп өткөндөргө караганда, биз үчүн жеңил. Бизге Советтер Союзу, социалисттик лагердин бардык мамлекеттери жардам берип жатышат. Силердин тажрыйбаңар биз үчүн жаңы турмушту курууда чоң университет. Андыктан бул кыйынчылыктар тез эле жоюлат. Биз сиздердин чыныгы достук, бир туугандык жардамыңар үчүн миң мертебе рахмат айтабыз. Дагы бир нече жылдан кийин келсеңиздер, биздин элдин турмушу өзгөрүп, азыркы жүргүзүп жаткан иштерибиздин жыйынтыктарын көрөсүздөр. Аз эле мезгилдин ичинде күрүчтүн түшүмдүүлүгүн 14 центнерден 23 центнерге (ар бир гектарынан орто эсеп менен) жеткирдик. Элибиз жаңы турмушту жан-дили менен куруп жатат, аны өзүңүздөр да көрүп чыктыңыздар.

Ооба, жолдош Хо Ши Мин айткандай, Вьетнам эли

жаңы турмуштун сересин карай ыкчамдык менен ишенимдүү кетип бара жатат. Ал элди ушундай турмушка жеткирүү үчүн Вьетнамдын Хо Ши Миндей миңдеген уулдары өзүнүн билимин, күчүн аяган жок. Мына ушул жерде Вьетнамдын кадырлуу карыя-патриотторунун бири Хуинь Тук Кхандын 1946-жылы Вьетнам Демократиялык Республикасынын Улуттук чогулушунун сессиясында мындай деп айткан сөзү эске түшөт:

— «Бүгүн биздин Вьетнамда жалгыз гана Хо Ши Мин бар эмес. Мен дагы Хо Ши Мин. Сиздер дагы Хо Ши Миндер. Биз бардыгыбыз—Хо Ши Минбиз жана да жыйырма миллиондон ашыгыраак вьетнамдыктардын бардыгы Хо Ши Миндер». Эң адилеттүү, эң туура айтылган сөз.

Биз коштошордо Президент:—кичине тура туруңуздар, эстелик үчүн сүрөткө түшөлү—деди. Эртең менен биз тура электе ал сүрөттөрдү вьетнамдык жигит алып келип калыптыр.

* * *

Кош айтышып, үйгө кайтаар күн да келди. Ханойдун аэродромун карай автобустар, жеңил машиналар биринин артынан бири кетип бара жатат. Аэродромдо Ханойдун жаштары. Колдорунда гүл тестелери. Аларга аралашып сүрөткө түшкөндөн кийин коштошо баштадык. Ар бири колундагы гүлүн сунуп, кучактап, бетиңен өөп бир туугандай коштошот. Кучагыбызга гүл батпай кетти. Самолётту карай бастык. Жана кол кармашуу, кучакташуу, өбүшүү... Акыркы минута. Траптын тепкичтерине чыга баштадык, самолётко чейинки жол—гүл менен достуктун жолуна айланды.

Акыркы сөздөр угулат:

— Советтик жаштарга ысык салам!

— Сапарыңар ийгиликтүү болсун!

— Тез көрүшкөнгө чейин!

Колубузду булгалаган бойдон самолётко кирдик. Самолёт ордунан жылып, учуу талаасын карай бет алды.

— Кош, Ханой!

— Кошкула, достор!

Алдыда—сүйкүмдүү Москва!

*МОСКВА—ПЕКИН—ХАНОЙ.*

*Анаш Абакиров*

НЕЗАБЫВАЕМЫЕ ДНИ

(Путевые очерки)

(на киргизском языке)

Редактор *Б. Карабаев*
Оформлениеси *Л. О. Толстокулаковдуку*
Худож. редактор *И. А. Ефимов*
Техн. редактор *М. А. Тюряев*
Корректор *Ы. Тологонова*

Терүүгө 29|IV 1962-ж. берилди. Басууга 13|IV 1962-ж. кол коюлду. Кагаздын форматы $70x108^1/_{32}$ 2,12 физ. басма табак. 2,91 Шарттуу басма табак 2,68 Учеттук басма табак Заказ № 1566. Тиражы 3500 Баасы 11 т.

Типография № 2 Полиграфиздата Министерства культуры Киргизской ССР
г. Фрунзе, проспект Ленина, 409.